
74.03(Кыр)
С 28

Ноокат райондук билим берүү бөлүмү

СЕЙДАЛИЕВ КОШМАМАТ

ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН БУЛАКТАРЫ



ОШ—97

Ноокат районундагы Н. Исанов атындагы орто мектептин мугалими Сейдалиев Кошмаматтын «Элдик педагогиканын булактары» деген китепчесине

ПИКИР

Бул эмгекте бүгүнкү күндөгү улуттук педагогикабыздын эң зарыл болгон маселелери козголгон. Азыркы кездеги кыргыз улуттук педагогикасынын аксап жаткан көйгөйлүү жактарын ачып, аны четтетүүнүн жолдорун ошол элдин өзүнүн тур мушунан, жашоо шартынан жана адабияты менен маданиятынан иргеп алуу керек деген жыйынтыкка келет. Чындыгында эле улуттук педагогика өз булактарын тактап албаса, так маалымат болбосу, илим катарында калыптануусу, пайдалуу натыйжа берүүсү кыйын.

Автор бул чыгармасында кыргыз элинин улуттук педагогикасынын булактарын азыркы кездин талабына ылайыктуу талдап, аларды ар кандай далилдер менен так, ишенимдүү чечип бере алган. Элдин эл болушу, улуттук бөтөнчөлүгү, өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү болгондо гана ал улут өзүнүн чыныгы жан күйгүзгөн инсандарын тарбиялай алат. Ошол инсан гана өз эли журту, Ата Мекени үчүн кызмат кылып, анын суугуна тоңуп, ысыгына күйөт. Бул эмгекте ошондой инсандарды тарбиялоодо элдин педагогикасына өзөгөчө маани берилген, алар ишенимдүү түрдө ишке ашкан.

Элдин өткөн тарыхы, ал тарыхтагы белгилүү инсандары, ал инсандардын жаштарды тарбиялоодогу мааниси, кыргыз музыкасы менен элдик оозеки чыгармалары ар кандай каада салттары, ал тана турсун элибиз ишенген дини, анын жаштарга таалим-тарбия берүүдөгү ролу өтө таамай так далилдер менен берилген.

Автор элдин ырым-жырымдарын, табышмактарды, макал-лакаптарды болумуштар менен чечендик сөздөрдү тарбиялоодо эң сонун курал боло алат деп сунуш кылат да, аны ойдогудай чечмелеп берет.

Бул китепче мектеп мугалимдерине жана педагогикалык окуу жайларынын студенттерине чоң жардам көрсөтө ала тургандыгына толук ишенебиз. Жалпы эле тарбия маселесине кызыккандардын арасында кызыгуу туудура алат.

Бекембай АПЫШ
Т. Ж. КАЧЫКЕЕВ.
Ош МУнун доценттери.

ЫЙМАНДУУЛУК ТАРБИЯДАН

Турмушта өз ишинен баар таап, көп жылдык мээнетинен белгилүү бир жыйынтык чыгарып, пайда болгон ой-тилегин кагазга түшүрүп, калайык-калкка сөз айтууга умтулган инсандар болот. Алар береги иштеп коюп, маянасын алып, көр тириликтин алкагынан сыртка чыгууга умтулбаган карапайым кызматчылардын алдында алда канча өйдө турат. Мен билген ушундай инсандардын бири колуңуздардагы ушул китепченин жаратманы көп жылдардан бери мектепте ыйман сабагын окутуп келе жаткан мугалим Кошмамат Сейдалиев.

Ал Ноокат районундагы Көк-Бел айылында Н. Исанов атындагы орто мектепте эмгектенет. Жогоруда айтылгандай ал жөн эле иштеп коюп жүрө бербей, жаштардын тарбиясы, ага улуттук рухий турмушта көп кылымдардан бери өнүгүп келе жаткан көрөңгөлөрдүн таасири жөнүндө басса-турса ойлонуп, канткенде таалим-тарбиянын болоңдошунан улам оксүк тартып жаткан жаштарга ошол көрөңгөлөрдү жеткирүү керек деген суроолорго санаркап иш тутат, үзгүлтүксүз ойлонот. Ошентип ой жүгүртүп, изденип олтуруп, ушул чакан китепти жазып салыптыр. Окуп көрүп китептин мазмунунан көзгө көрүнбөгөн, бирок чоң мааниде нерсени — мугалимдик ошол тынбас умтулушун, жаштарга камкордугун, мээримин туябыз. Демек миңдеген мугалимдеribиздин арасында кабат-кабат каатчылыкка карабай, өзүнүн түпкү инсандык максатына — жаштарга тарбия берүүгө жанын үрөп, жол издеп, калың тумандан бүлбүлдөп жанган чыракты көздөй айныбай бараткан сыяктуу бекем эркі бар Кошмаматтай инсандар да бар экен. Алар бар үчүн жашоо бар, умтулуу бар. Байыркы замандардан бери ушундай болгон, ушундай боло бермекчи.

Китепте тарбиянын негизин түзгөн кыргыздар колдонуп келген оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрү, эстеликтери, сөз өнөрүнүн ойногон ролу, ар бир түр-жанрдын тарбия ишинде

ойногон ролу жөнүндө сөз болот. Албетте эл оозеки чыгармаларынын андай касиеттерин иликтеп, бизге өз билгениндей түшүндүрүп берген эмгектер да арбын. Бирок К. Сейдалиевдин китебинде алар жөнүндө жаштарга ыйман жагынан тарбия берүү өңүтүнөн гана сөз болуп, оозеки чыгармачылыктын бардык түрлөрү менен катар элдик оюндар, ырым-жырымдар, алардын маани-маңызы жөнүндө да кеңири баяндалат.

Филология мугалими тарбия иштеринин азыркы учурдагы өксүктөрүн, муктаждыктарын жакшы билет. Ошол үчүн ал ар бир ырдын макал-лакаптын маани-маңызын жакшы тил менен сыпаттап жазып олтурат. Дил, ыйман, адеп тарбияланмайынча жалпы эле алга жылуу болбойт.

Китептин дагы бир жакшы жагы анда түштүктөгү тарбия системасынын тарыхый өзгөчөлүгүн эсепке алгандык. Башкача айтканда диндеги ыйманга байланыштуу айтылган идеялар, хадисте айтылган асыл ойлор да бүгүнкү тарбиялык иштерде өз ордун табышы зарыл.

Албетте китепти башкача мазмун, формада түзсө да болмок, мүчүлүштөр да кездешет. Бирок алар анын маанисине, бүгүнкү зарылдыгына караганда эч нерсеге арзыбайт. Жаштарды тарбиялоого бел байлаган ар бир инсан үчүн бул китеп өтө керек.

Пайзилда ИРИСОВ,
доцент.

Апам Ирсалаттын жаркын элесине арнайм,

Калкыбыздын кылымдардан бери келе жаткан залкар ой мурастары, улуттук маданияты, ал маданияттын тарыхы, турмуштук тажрыйбасы, салт-санаасы, ырым-жырымдары, оозеки адабиятынын айрым үлгүлөрү, дини, тили, дили, улуттук айрым өнөрлөрү бүгүнкү күнгө чейин ар кандай шылтоолор жана манкурттук менен басмырлоонун натыйжасында өз жүзүн, өз ажарын ача албай келди. Аларда улутубуздун ар тараптуу коз карашынын, улуттун руханий дүйнөсүнүн каймактары калкынып, элдин жан-дүйнөсүн боюна сиңирген ойлор айтылып, укумдан тукумга, бабадан урпакка өтүп келген таасын маданий мурас сакталган эмес беле!

Чыныгы өз элинин күйөрманы кылып тарбиялоодо жаштарга ошол өз улутуна таандык, канга сиңген бөтөнчөлүктү бербегенден кийин, ал кайдан жүрүп өз эли үчүн жан күйгүзгон азамат болуп тарбиялансын. Өз улутунун тарыхын, салт-санаасын, үрп-адатын, анын улуттук өзгөчөлүгүн, тилин жана ал элдин өткөн доорлордогу белгилүү инсандарынын тажрыйбаларын өздөштүрбөгөн, ага каны-жаны менен берилбеген. Ата Мекени жөнүндөгү элдик жомоктор менен макал-лакаптар, элдик уламыштар жана болмоуштары менен тааныш болбогон инсандан кантип ошол улутка жан күйгүзгөн инсан чыксын. Кыргыз комузунун күүлөрү, чоору менен сыбызгысынын доошу кулагына сиңбеген кыргызды кыргыз деп атоого болобу.

Кыргыз эли эл болгондон бери эчен тарыхый доорлорду басып өттү, эчендеген эл коргоп анын камын көргөн баатырлар, жаактууга жай бербеген, сөздү сөзгө кынап, ойду ойго жалгап, адамдын жан-сезимин сөздүн ширеси менен балкыткан чечендер, көргөндүн нөөнүн талдырган, кумурска изи кылып алтын-күмүшкө оюу-чийүү түшүргөн, кооз зергерлик буюмдарды жасаган чеберлер, миң түрдүү порумга салып адамдын делебесин козгоп, сугун арттырган кийим-кечелерди тиккен уздар, торгойдун тилин жаңылтып, эчен доорлор жөнүндө сөз козгоп, кээде кубанычка балкытып, кээде кайгыга салып, кээде каткырыкка бастырып адам жанын ар алакетке салып, жамгырдай төгүп ырдаган ырчы-манасчыларыбыз, күндөп-түндөп чертсе, бир черткен күүсүн кайра кайталабаган музыкабыздын туу чокусу-комузчуларыбыз өттү. Алардын турмушун, тагды-

рын, жараткан залкар ойлорун, көөнөрбөс чыгармаларын терең түшүнбөгөн инсанды кантип кыргыз деп атоого болот? Ак карлуу чокулары — акыл, чайыттай көк асманы — көңүл, суулары — соолубас өмүр, тоо абасы — дартка дабаа дары болгон, жаш сулуунун мүнөзүндөй жумшак айдарым соккон жели бар, адилдик менен адамгерчиликти ыйык туу туткан кыргыздай эли бар Ата Конушубузду аздектеп сүйбөгөн, анын чырпыгынан баштап чымчыгына чейин аябаган адамдардан эмнени күтүүгө болот.

Жогорудагыларды ишке ашырууда элдик педагогиканын, кыргыздын нукура улуттук педагогикасынын мааниси өтө зор. Ал дүйнөлүк илимий педагогиканын бир бөлүгү, тармагы катары өсүп-өнүгүүгө багыт алса, азыркы шартка, бүгүнкү талапка туура жооп берген болор эле. Элдик педагогика азыркы мезгилдеги мектепти тарбиялоо жана билим берүү процессин жаңылоо, кайра куруу мезгилинде өзүнүн өтө чоң жемишин бермекчи.

Кийинки мезгилде улуттук педагогиканы өркүндөтүү жана аны күндөлүк иш тажрыйбабызда колдонуу жөнүндөгү маселе козголуп келе жатат. Бирок бул маселе али четин оюлбай келе жаткан дың. Антсени элдик педагогиканы изилдөө, аны илимий жактан тактоо боюнча иш бир нукка түшүп жолго коюла элек. Атап айтсак, Талип Ормоновдун «Байыркы кыргыздардын педагогикалык көз караштары» («Манас» эпосунун материалдарынын негизинде) (1972-ж), Бекембай Апышевдин «Элдин эмгек салттары жана аларды жогорку класс окуучуларын тарбиялоодо колдонуу» (1974-ж), Жолчубек Бешимовдун «Окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоодо элдик салттарды пайдалануу» (1975-ж) деген темадагы изилдөө иштеринен башка алгылыктуу изилдөөлөр боло элек. Рас, У. Эгембердиев, Б. Тажикова, А. Алимбеков, А. Исаев, Ж. Орозбаев сыяктуу жаш окумуштуулар да кийинки мезгилде бул маселеге белсенип киришишти. Мындан сырткары кийинки төрт-беш жылда жер-жерлердеги мектептердеги мугалимдер да элдик каада-салттарды, үрп-адаттарды жана ырым-жырымдарды өз сабактарында колдонуу боюнча бир топ ийгиликтүү иштерди алып барышууда. Бирок алар үчүн жогорку окуу жайларынан же илим изилдөө мекемелеринен эч кандай усулдук колдонмо, көрсөтмө болбой жатат. Кандайдыр бир таяныч, иш жүргүзүү үчүн көрсөтмө болсо алар үчүн бир топ жеңил болор эле. Ал эми жогорудагы аты аталган изилдөөчү — авторлордун эмгектери чыныгы тарбия, билим берүүчүлөргө, мугалимдерге алиге чейин толук жете элек.

Кыргыздын элдик педагогикасынын өнүгүшүн, анын калыптанышын жана белгилүү бир системага түшүп, өз алдынча илимий багыт катарында жашап калуусун камсыз кылуу үчүн анын негизги булактарын, багыттарын жана келечегин аныктай турган изилдөө иштерин жүргүзүү келечектин иши болуп саналат. Ушул сыяктуу элдик педагогиканын негизги маселелери чечилип, изилденгенде гана ал өз жемишин берер эле. Ага чейин ар бир мугалим өз кудуретине жараша гана иш алып бара бермек.

Элдик педагогиканын түгөнгүс казынасы, көөнөрбөс башаты, анын негизги булагы катарында төмөндөгүлөрдү эсептөөгө болот:

1. Өзүнө эчен кылымдан берки ата-бабаларыбыздын акылой, максат-тилектеринин каймагын өз ичине камтыган, адам баласынын жак дүйнөсүн ачып берген, алардын табийгатка, жаратылышка, курчап турган дүйнөгө, ар кандай кубулуштарга, коомго, андагы социалдык жана саясий мамилелерге карата өз көз карашын чагылдырган элдик оозеки чыгармалары элдик педагогиканын булагы катары негизги мааниге ээ. Ал чыгармаларда элибиздин философиялык, саясий, коомдук, медициналык, дүйнө таанытуучулук, педагогикалык, географиялык жана тарыхый нөз караштары даана чагылдырылган. Буларга далилдүү мисалдарды, так маалыматтарды элдик оозеки чыгармалардын төмөндөгүлөрүнөн даана көрүүгө, байкоого болот:

1. Элибиздин өткөн доорлордогу маданиятынын туу чокусу жана түгөнгүс улуттук поэзиясынын океаны болгон «Манас» эпосу. Анда элдин бай рухий дүйнөсү ар кандай түркүм түстөгү боёктор, даана сүрөттөөлөр менен тартылып, адам баласына таандык болгон мыкты касиеттер менен мүнөздөр эл-жерди сүйүүнүн, ага ак кызмат өтөөнүн үлгүлөрү бүгүнкү күндөгү жаңы адамды тарбиялоонун идеалы боло алары анык. Эпостогу баатырлардын келбети, жасаган иш-аракети, эли-жерине болгон сүйүүсү, өз элинин эркиндиги үчүн жүргүзгөн күрөшү, достукка, сүйүүгө карата болгон туруктуулугу, боорукердиги, ак ниеттүүлүгү, тунук акылы, сезгичтиги жаш муундарга тарбия берүүдө ата-бабаларыбыздан калган ыйык мурас катары баалanары бышык. Эпостогу аялдардын сулуулугу, акылмандуулугу, сезим кубантарлык коруз буюмдарды жараткан уздугу, өз жары үчүн сүйкүмдүү жар, асылкеч жолдош болгондугу, эрди эр кылып, анын суугуна тоңуп, ысыгына күйүп жан-дили менен кызмат көрсөткөндүгү, бала тарбиялап, өз журту үчүн кам көргөн уул-кыздаарды өстүргөндүгү, аларды эли-жерин ак дилден сүйүүгө, ал үчүн каны-жаны менен кызмат кылууга, туруктуу-

лукка, эркүүлүкко, эрдикке, тайманбастыкка, боорукердикке, сезимталдыкка, улууну урматтаган, кичүүгө кызмат көрсөткөн адам кылып тарбиялап өстүргөндүгү кийинки муундар үчүн үлгү экендиги талашсыз көрүнүш. Кыргыздын сыймыгы болгон улуу эпосту сактоо, аны кийинки урпактарга жеткирүүдө Сагымбай, Саякбай, Тоголок Молдо, Тыныбек сыяктуу манасчылардын эмгеги чексиз. Алардын өмүрү, жашоосу, көөнөрбөс чексиз таланты, күндөп-түндөп айтканга жетерлик күч-кубаты, дареметинин өзү эле жаштар үчүн канчалык тарбиялык маанига ээ. Манасчылардын таланты, алардын элдик мурасты сактоодогу жана аны калк арасына жеткирүүдөгү эмгегинин өзү эле не деген албан эмгек.

Эпостогу айкөл Манас баштаган баатырлардын, Кырк Чоронун, Кошой менен Бакай баштаган акылман карыялардын, Чыйырды, Каныкей, Айчүрөк баштаган кутман энелердин жасаган иш аракеттери, эл үчүн көргөн камкордугу, «карангыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан» акылмандыгы, «Жоону көрсө сүйүнгөн, артка такыр качпаган, акылдан такыр шашпаган» баатырдыгы, тайманбастыгы, үйдүн куту болуп, журттун акылман, камкор энеси болуп, бар дүйнөсүн, сарамжалын өз элине арнап, Манас, Семетей, Сейтек сыяктуу калк коргоочуларын төрөп, тарбиялап өстүргөн энелердин образдары азыркы мезгилдеги күн сайын сыналгы менен кино-театрларда көрсөтүлүп жаткан «жылаңачтардын» алдында не деген керемет элестер, сүрөттөр. Алардын тарбиялык мааниси, жаштарга адептүүлүк, ак ниеттүүлүк, акылмандуулук, баатырдык, кең пейилдик, туруктуулук, жоомарттык, эл үчүн каны-жанын аябаган патриоттуулук, асылкечтик, сарамжалдуулук, ыймандуулук сыяктуу сезимдерди өстүрүүдө чыныгы идеал боло алат. «Манас» эпосу өзү эле бүгүнкү жаштар үчүн өз алдынча тарбиялык чоң мектеп экендиги талашсыз көрүнүш.

2. «Эр Төштүк», «Курманбек», «Эр Табылды», «Жаныш-Байыш», «Олжобай менен Кишимжан», «Кожожаш», «Жоодарбешим», «Сейитбек», «Кедейкан», «Сариңжи-Бөкөй» сыяктуу кенже эпостордо дагы эле жогорку «Манас» эпосундагы ойлор, идеялар андан ары улантылып толукталып олтурат да, чыныгы элдик инсандын, баш тамга менен жазылуучу кайратман, калк камкору болгон, ак ниет, акылман, тайманбас баатыр, элдин чыныгы сүймөнчүлүгү болгон каармандардын чыныгы сүрөттөрү тартылат. Гумандуулук, патриоттук, нравалуулук, ыймандуулук, экология жана достук ж. б. тармактар боюнча бир нече сааттан окуган лекцияга караганда жогорудагы чыгармалардагы каармандардын чыныгы инсандык образын ачуу, алар аркылуу жаш муундарга таасир этүү бир топ жогорку, ылаазаттуу

натыйжаны берерлиги анык. Анткени, чыгармада чыныгы турмуш, турмуш көрүнүштөрү, адамдын жашоо тиричилиги жана анын мааниси жөнүндөгү окуялар берилип жатпайбы. Аккан менен Курманбектин, Эр Табылды менен Элдиярдын бекем достугу, достук үчүн кылган кызматтары, Курманбек, Эр Табылды, Жаныш, Байыш, Эр Солтоной, Жоодарбешим, Сейитбектердин образдарында кандай гана сонун идеялар жатпайт. Ал эми Айганыш, Чачыкей, Кенжеке, Зулайкалардын сулуулугу, акылмандуулугу, чебер уздугу, сарамжалдуулугу менен өз сүйгөнү үчүн асылкеч жар экендиги не бир кӗремет саптар, сүрөттөөлөр менен берилбеген. Ушул жагдайларды, көрүнүштөрдү, окуяларды, идеяларды жаштарга толук жеткире алсак алардын кандай гана сезимдерин ойготуп, таасир эткен болор элек. Жөнөкөй гана бир мисал, «Кожожаш» эпосунда Кожожаштын аскада калып өлүмгө дуушар болушу, анын өзүнүн жасаган терс жорук-жосундарына байланыштуу болду. Анткени ал табийгатты, жаратылышты артыкча жабырлантып, анын макулуктарын кырып жок кылууга аракеттенди эле өзү табият тарабынан жазаланды. Ал эми анын баласы Молдожаш аларга каршы ок атып, курал көтөргөндүн ордуна Сур-эчкинин кызы Ашайранга үйлөнүп, табийгат, жаратылыш, анын жаныбарлары менен бирдикте болуп, ачы менен жуурулушуп кетти эле атасы учкан аскапы жөн гана аттап өтүп кетти. Ушул сыяктуу идеянын берилиши, жаштардын табийгатка, жан-жаныбарларга карата болгон мамилесине оң таасир берерлигин далилдөөнүн зарылдыгы жок.

3. Санат-насыят жана терме ырларынын асылдыгы анда табият, турмуш, эмгекчилдик, ак ниеттик, чындык, калыстык, боорукерлик, жөнөкөйлүк, жолдоштук жөнүндө адамга таасир этерлик, сезим козгорлук деңгээлде көркөм, элестүү айтылгандыгында. Бул ырларда улуттук маданияттын өсүш деңгээли, эмгекчил адамдардын дүйнөгө карата болгон көз караштары, аалам, табият жөнүндөгү түшүнүктөр, өз Мекенине, инсандык касиеттерине жана адеп-аклагына болгон мамилеси, философиялык ой жорууларынын, турмуштук тажрыйбаларынын жыйынтыктары так, даана берилет. Коомубуздагы ар кандай тарыхый окуяларды сүрөттөп, дүйнөнүн жаралышы, өнүгүүнүн ар түрдүү кырдаалдары, айлана-чөйрөдөгү ар кандай кубулуштар, адеп-ыйман жана турмуш-тиричилик жөнүндө ой жүгүртүп, анда пукура элдин, ата-бабадан бери муундан-муунга өтүп келе жаткан акыл-насааттардын ишенимдүү, далилдүү берилгендигинде. Ошондуктан бул жанрдагы ырлар элдик оозеки чыгармачылыкта дидактикалык түр деп аталат. Дидактика де-

ген сөз үйрөтүү, үлгү көрсөтүү, жол көрсөтүү, акыл-насаат айтуу деген маанини билдирет. Санат-насият, терме ырлардан сырткары бул түргө: жаңылмачтар, чечендик сөздөр, макалдар, ылакаптар, табышмактар кирет. Бул жанрдагы чыгармалардын бардыгы жаш муундарды жакшы жорук-жосундарга машыктырат, адеп-ахлактын ар кандай жакшы жактарына көнүктүрүп, дүйнө таануу, анын ар кандай сырлары жөнүндөгү түшүнүктөрүн кеңейтет. Жаш наристелердин турмушту үйрөнүү, анын түрдүү жагдайларын түшүнүүдө программалык кызмат аткарат деп жыйынтыктоого толук мүмкүнчүлүк бар.

Жаңылмачтар жаш наристелерди тарбиялоо максатында жаратылган, эл тарабынан түзүлгөн чыгармаларга кирет. Анткени жаңылмачтар балдардын сүйлөө речин өстүрүү, өз оюн так, даана, сөздөрдү түшүнүктүү айтууга көнүктүрөт. Анын материалдары баланы курчап турган, өздөрү жакшы таанып болгон фактылардын негизинде жаралат да, баланын айтуусу үчүн бир топ кыйынчылык келтирет. Эгер бейтааныш сөздөрдөн түзүлгөн жаңылмачтар болсо, али тили жатыга элек бала ал сөздөрдү айта албай калышы мүмкүн. Ошондуктан, жаңылмачтардагы буюмдар, көрүнүштөр, кубулуштар бала үчүн таанып, жакшы билген атоолор болушу абзел. Мисалы, төмөндөгү жаңылмачты айтууда бала бир топ ыйналат, бирок көнүп кетет:

Ал аралды да марал аралар,
Бул аралды да марал аралар.
От экен маралга да арал,
Оттосун аралга да марал.
Аралда оттогон аябай семиз марал,
Жүгүрө эмизген таргыл марал,
Күүгүмдө ал аралды марал аралар.

Бул текстти айтууда жаңылып калган кенжетай жолдошторунун ортосунда күлкү, шылдыңга дуушар болот. Ошондон жүрөксүп көркөн бала улам-улам кайталап аны айтууга машыгат, анын тили жатыгат, татаал, айтууга кыйынчылык келтирген сөздөрдү ачык, так айтып берүүгө кадимкидей көнүгөт. Жаңылмачтардын негизги мааниси мына ошондо. Кантсе да ошол текстти туура айтууга көнүгүүнү талап кылып, баланын речин оңдоого жардам бергендигинде.

Балдар үчүн эң жагымдуу, кызыктуу, алардын делебесин козгогон жанрлардын бир түрү — **табышмактар**. Кыргыз оозеки чыгармачылыгындагы бул жанр — жаш муундардын ан-сезимин, ойлоо жөндөмдүүлүгүн, бир нерсени тез баамдап-туюу сезимин ар тараптан өнүктүрүп, турмуштун, табияттын, жаратылыштагы ар кандай кубулуштардын сырларын кыраакылык

менен баамдай билүүгө, тапкычтыкка, сезгичтикке, байкагычтыкка үйрөтөт. Алар наристенин акыл-эсинин тең жетишүүсүнө, кыраакылыгынын курчушуна таасир этип, зирек, тапкыч болууга көнүктүрөт. Ушул жагдайдан алып караганда табышмактар чыныгы педагогикалык мүнөзгө, тарбиялык, билим берүүчүлүк жана таанып билүүчүлүк мүнөзгө ээ. Табышмактарга кош кабат милдет таандык:

1. Адабий жанр катарында акыл-эсти сыноочу жана үйротүүчү дидактикалык милдет;

2. Философиялык-педагогикалык милдети — ойлоонун логикалык жактан мейкиндүүлүгү, анын тыкандыгы менен тактыгын камсыз кылуу.

Каймана мааниде айтылган ойду туура таап, жооп берип үчүн бет маңдайындагы атаандашынан жеңилип калбоо максатында бала кандай гана ой жүгүртүүлөргө барбайт. Талдайт, ойлойт, байкайт, зат же кандайдыр бир кубулуш жөнүндө өз оюнун жыйынтыгын чыгарып, кандайдыр бир натыйжага келет. Ал ошентип ойдун масштабдуулугуна жана ой жүгүртүүнүн каныккандыгына ээ болот.

Табышмактар элдин байыртан бери сакталып келе жаткан каада-салтын, диний жана ырым-жырымдарга байланыштуу ойсанааларын, ошондой эле илимий көз караштарын, болмуштары менен бүгүнкү иш-аракеттерин баамдап-туюу жөндөмүн образдуу, типтүү жалпылаган, таанып-билдирүүчүлүк касиетине ээ болгон тарбиялык маанидеги чыгарма. Ал аркылуу бала ойноп гана тим болбостон кандайдыр бир түшүнүккө, ой жүгүртүүчүлүккө, тапкычтыкка ээ болот. Мисалы:

Асты таш, үстү таш,
Ортосунда бышкан аш.
Жандырмагы: данек

Ичип, жеп ийинге кирет
Жандырмагы: маки

Кыпкызыл алма
Кыйын болсоң карма
Жандырмагы: чок

Башы көлдө, өзү чөлдө
Жандырмагы: чөмүч

Табышмактар да элдик оозеки чыгармалар сыяктуу эле чыныгы тарбиялоочулук жана билим берүүчүлүк мүнөзгө ээ.

Таамай айтылган сөз — ал акылмандыктын негизги белгиси. Ал эми кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында акыл ай-

тып, жаман жоруктан качууга мажбурлап, жөнөкөйлүктү, достукту, ар кандай нерседен сак болууну, ак ниеттик менен адилдикти, жоомарттыкты, боорукердикти, деги койчу адам баласы үчүн зарыл болгон бардык нерсени эжелеп майдалап отурбай так, таамай айткан чыгармалар — **макал, лакаптар.** Бул чыгарма улуу-кичүүгө, жаш-карыга, эркек-аялга карабастан адамзаттын бардыгына кызмат кылган чыгарма. Макал-лакаптар башка айрым жанрларга окшоп эскирип, маанисин жоготуп колдонуудан чыгып калбайт. Ал дайыма өз күчүндө. Анткени анда элдин чыныгы ой-максаты, турмуштук тажрыйбаларынын жыйынтыгы, натыйжасы берилген. Алар дайыма чыгаан акындардын, чебер сөзмөрлөрдүн, сөз каймагын калпыган жазуучулардын чыгармалары аркылуу улам байып, улам көбөйүп олтурат.

Макал-лакаптар кыргыз элинде өтө жыш. Турмушубуздун бардык тармактарына карата пайда болгон макал-лакаптар бар. Алардын тематикасы, мааниси, колдонулуш сферасы да өтө кеңири жана чексиз. Алсак, адам баласынын жашоо турмушунан баштап чарбачылыгына, үй-тиричилигине, ал гана турсун баккан итине чейин чыгарылган макал-лакаптарды кездештиребиз. Созүбүз курук болбосун үчүн аларга мисалдар келтире кетели. Достук жөнүндө:

Досуң миң болсо да — аз.
Душманың бирөө болсо да — көп.
Досуңдан сырыңды жашырба.
Досу көптү жоо албайт, акылы көптү доо албайт
Дос балаада билинет, баатыр талаада билинет.
Дос, доско жаныңды кош.
Дос сыртыңдан мактайт,
Душман көзүңчө мактайт.
Дос күйгүзүп айтат,
Душман сүйгүзүп айтат ж.б.

Баатырдык жөнүндө:

Баатыр өлсө да куралын таштабайт.
Баатыр болсоң — шер бол,
Коркок болсоң — жер бол.
Баатырдын көркү — маңдайда,
Чечендин көркү — таңдайда.
Баатыр намыс үчүн туулуп, намыс үчүн өлөт.
Баатыр туулса — эл ырысы,
Жамгыр жааса — жер ырысы ж. б.

Акыл-эс, адептүүлүк жөнүндө:

Адамдын көркү — акыл-

Азаматтын жакшысы — азыраак сүйлөп, көп тыңшайт.
Аргымактын жакшысы — азыраак оттоп, көп жуушайт.
Акылы аздын — азабы көп.
Алтын — чирибейт, акыл — азбайт.
Улууга — урмат, кичүүгө — кызмат.
Улук болсоң — кичик бол.
Сиз деген — сылык сөз, сен деген — сенек сөз.

Эмгек жөнүндө:

Эмгеги аздын алмагы аз.
Эмгек адамдын үзүрү.
Эмгектен арыктасаң, түшүмүнө семиресин.
Эмгектин түбү рахат.
Эмгек эрдикке жеткирет,
Эрдик элдикке жеткирет.
Эмгекчилдин эмгеги — байлык,
Билимдүүнүн пикири — байлык.
Эмгек — эрдин көркү, эр — элдин көркү.
Эмгек — дайра, билим кен ж. б.

Мал чарбачылыгына байланыштуу:

а) кой:

Кой асырасаң — береке, кокуй болсоң келеке.
Аксак ирик кой башында, таскак ирик таш башында.
Козу — койго эсеп, аксак — малга эсеп.
Козу бир күн кой болор, кой болбосо эт болор.
Кочкор койсоң жүндүүдөн кой,
Айгыр койсоң үндүүдөн кой. ж. б.

б) эчки:

Кысыр эчки бакырчаак.
Эчкинин каары жаман, урушчаактын заары жаман.
Текенин мүйүзү өсүп теңирге жетпейт,
төонүн куйругу өсүп жерге жетпейт ж. б.

в) жылкы:

Ат — адамдын канаты.
Ат, аттан кийин жат.
Ат мыктысы кермеде.
Ат сыйлаган жөө баспайт.
Атты билгенче ай керек,
Адамды билгенче жыл керек.
Атты достой сүйсоң, душмандай минесин. ж. б.

г) төө:

Жүктүн оорун нар көтөрөт.

Жаман төө жабуусун жейт.
Төөнүн куйругу жерге, мойну көккө жетпес.
Атан төөнү жүк картайтат,
Кунан койду май картайтат.
Төөнүн буурасы жакшы,
Сөздүн туурасы жакшы.
Төө номдолот, эшек чомдолот ж. б.

д) уй:
Үй бакпасаң — сүт жок,
кой бакпасаң — эт жок.
Уйга жал өспөйт, какырга тал өспөйт.
Уйдун сүтү тилинде.
Кысыр уйдан май чыкпайт,
Кур чайнектен чай чыкпайт.
Өгүздө сүт болбойт, жылкыда от болбойт.

е) ит:
Ит тойгон жеринде
Ит көп болсо бөрү жеңилет.
Ит иткe үйүр.
Ит жакшысы өлүгүн көрсөтпөйт.
Иттей ала болгондон көрө, бөрүдөй көк бол.
Мойнунан байлаган ит ууга жарабайт.

Дыйканчылык жөнүндө:
Айдаган жериң аш берет — айдабасаң таш берет.
Байлыктын атасы — эмгек, энеси — жер.
Дыйкан болсоң башында бол.
Малчы болсоң кашында бол.
Күз тукумун күлгө чач, жаз тукумун бозго чач.
Сууң каник болсо, даның толук болот.
Түйшүк болбой — түшүм болбойт.
Эр эмгегин жер жебейт.
Эгиндин жайын эккен билет,
Арабанын жайын чеккен билет.
Эгин чыкпайт деп жерди жерибе,
Алтын чыкпайт деп кенди жерибе ж. б.

Мындан сырткары да макал-лакаптарды Ата Мекен, эл-жер, эне, соз жана анын күчү, сүйүү, адилдик, чынчылдык, жоомарттык ж.б. ондогон тематикаларга бөлүштүрүүгө болот. Анын тематикасы көп, мааниси кенен. Анын мааниси-маңызы, көркү чебер менен чечендин сүйлөгөнүндө, аңгеменин учурунда ачылат. Ошентип, макал-лакаптар эчен жылдардан бери элдин элегинен өткөн, анын чыныгы педагогикалык даанышмандыгынын негизги булактарынын бири.

4. Элдик оозеки чыгармалардын ичинен чыныгы элдик педагогиканын булагы катары кызмат кылуучу жанрдын дагы бир түрү — **лирикалык жанр**. Лирикалык жанрда адамдын ички ой-максаттары, асыл сезимдери көркөм сөздүн күчү менен угуучунун жан-сезимин козгоп, анын көңүл дабаасын таап, дүйнө, жаратылыш; анын ар кандай кырдаалдары жөнүндогү ойлоосу, түшүнүгү сүрөттолөт. Ал каада-салт, жөрөлгө, эмгек, сүйүү, оюн ырлары болуп бөлүнөт.

Жанрдын бул түрү да жаштарга таалим тарбия берүүдө ата-энелер үчүн да, жаш жеткинчектер үчүн да, жалпы көөмчулук үчүн да зор социалдык курал катары кызмат өтөйт. Анткени анда дүйнө таанытуучулук да, тарбиялык да маанилер көркөм, элестүү чагылдырылат. Бул жанрдын негизин эмгек ырлары, сүйүү ырлары, оюн ырлары жана каада-салт ырлары ээлейт.

Эмгек ырларында жаштардын эмгекке, аны сүйүүгө карата болгон сезимин ойготуп, эмгексиз жашоонун жоктугу, бардык нерсе эмгектен жарала тургандыгын алардын туюмуна жеткире айтылат. Байыртан бери айтылып келе жаткан «Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдаң» сыяктуу ырлар баланы жашынан эле эмгекке үйрөтүп, ага бышыктырып, аны мээнеткечтикке, сактыкка, аракетчилдикке көнүктүргүсү келет да, эмгекчил адамдын өзү өткөндөн кийин ордун басуучу дыйкандын же малчынын ишин улантуучу адамдын тарбияланышын көздөгөн.

Кырмандагы жанчыкка, кошкон убалдагы же молоташтагы ат менен өгүздү минген балада жоопкерчилик өтө күч болгон. Ысыктын күнүндө чарчап чаалыгып, сүлкүлдөп уйкусу келгенине карабастан «орой-орой оп майда» деп ырдап, өзүн алаксытып, эмгектин натыйжасы болгон эгинди н кызылы менен саман-топонун ойлоп, эмгектен колу бошобой, чыйрак өскөн, өзүнө тыкан, этият, шайдоот болгон. Анткени кыйналса да эптеп кызылды сапырып, саман-топонун жыйнап алса өзүнүп да, малынын да курсагы ток болуп, өзүнүн жолдошторуна караганда көңүлү куунак болорлугун ойлогон. Бекерчиликтен, жалкоолуктан алыс болуп, турмуштун ачуу-таттуусуна бышыгып, чымыр денелүү, кайраттуу болуп өсүп жетилген.

Бети-башы саман-топондун кылканы менен чаңга толуп, колу-буту туурулуп тордоп, далысы күнгө күйүп, эриндери чорт жарылып ылаалаган ат же өгүз минип, ысыктан уйкусу келип, улам башы шылк этип, унаадан оп түшө турган абалга жетип кырмандын жанчыгын минген ошол кездеги өзү курдуу балдарга азыркы кездеги ар түрдүү нандын түрлөрүн туура кармап, артканын олтурган жерине таштап туруп кетип же эшиктеги күчүккө, малга берген чүл-кыздарыбыз таң кала ка-

рашы мүмкүн. Нандыш, дандын кандай түйшүктөр менен пайда болорун толук билбеген бүгүнкү күндөгү балдарыбыз үчүн ошол көрүнүштү сүрөттөп берүүнүн өзү эле канчалык сабак, канчалык таалим тарбия берерлигин элестетип көрөлүчү. Эмгек ырлары жаштарды эмгекке тарбиялоодо бүгүнкү күндө да оз сапат, салмагын жогото элек.

Бул түрдөгү ырлардын айрыкча жаш наристелер үчүн таасир этерлик, алардын кулк-мүнөзүн, дүйнөгө болгон көз карашын, алардын күндөлүк турмушун, жашоосун камсыз кылуучу чыгармалардын бири — «оюн ырлары». Оюн балалык мезгилдин, балалык доордун гана көрсөткүчү болуп эсептелбестен, анын ошол кездеги өмүрү, жашоосу, турмуш-тиричилиги жана негизги иш-аракети болуп саналат. Ал оюндар аркылуу баланын көз карашы, акыл-эси, зиректиги, маданий деңгээли, тыкандыгы, сыйчылдыгы, элпектиги, эмгекчилдиги, тазалыгы, жакшы жактары же болбосо тескерисинче анын тентектиги, жалкоолугу, булганычтыгы, ызакордугу жана башка сапаттары даана байкалат. Ошол баланын ойногон оюндарынан, андагы жасаган иш-аракетинен эртеңки келечеги ачык эле көрүнүп турат. «Үркөр-үркөр топ жылдыз», «Торпогум», «Селкинчек» сыяктуу ырларды мисалга алсак болот. Бул ырлар көбүнчо коллективдүү түрдө оюндун темпи, ритми менен же кээде оюндун мүнөзүнө жараша кайым айтышуу, жеке формасында айтылат. Алсак, «Селкинчек» деген элдик ырда мындай текст коллективдүү түрдө айтылат:

Кыл аркандуу селкинчек
Кыздар тебет эринчек
Келиндердин селкинчек
Кере тебет эринчек

Жаш балдардын селкинчек
Жандап тебет эринчек
Андай теппей мындай теп
Селкинчегим селкилдейт
Беш көкүл чачым желпилдейт.

Оюн ырларынын жаштарды тарбиялоодогу дагы бир пайдалуу жагы — баланын коллектив менен бирге болуп, алар менен аралашып оз ара мамилелешүүгө, алар аркылуу түшүнүгүн кеңейтүүгө, башка нерселер жөнүндө көз караштарын калыптандырууга багыт алат.

Лирикалык жанрдын дагы бир түрү — **сүйүү ырлары.** Сүйүү ырлары ар кандай учурларда, кырдаалдарда, ар кандай шарттарда ырдала берет. Бул көрүнүш ал ырлардын ички се-

зим дүйнөсүн түшүнүүдөгү кеңири мүмкүнчүлүктөрдү көрсөтөт. Сүйүү бардык адамдын башынан өтө турган, кайталанып тура турган көрүнүш. Ошондуктан ал эл ичинде ырдалганда ар кандай каада-салт, жөрөлгө-жосундар менен чиеленишип, ошолор менен бирдикте аткарылат. Анын ырдалышына эч кандай чек коюлбайт.

Сүйүү ырларында кандай окуя, кандай кубулуш, турмуштук кырдаал ырдалбасын, кандай гана мезгил болбосун анда адамдын ички сезими, туюму, жан-дүйнөсүн козгоп, ар кандай ала-кетке салган көңүл күүсү берилет. Бул ырлардын негизги өзөгү, предмети — ашыктык, сүйүү. Сезим болгондо да кээде жайдарылыкты, шаттыкты, шайырдыкты, кубанычтуулукту, көңүлдүүлүктү, кээде муңайымдуулук, кайгылык, капалык, ич бышыкандык, көөдөнгө батпаган сагыныч, куса менен өкүнүчкө толгон өксүү, жан-дүйнөнү ар кандай алакетке салган оор запкыны, кайгылуу муңкануу ну күүгө салса, кээде күлкү, жан жыргаткан тамаша, көөдөнгө батпаган, маңдай жарган кубаныч менен жан-жыргатар сүйүнүч сезимдер коштоп олтурат.

Мындай сезимдерди дүрбөтүп жан алакетке салган учурда угуучу менен айтуучунун жан дүйнөсү, ой толгоосу менен ички сезимдери өз ара жуурулушуп кетет, аралашат да угуучу менен айтуучу бир бүтүндүккө айланып кетет. Ал ырлар бирнук менен, бир башат менен ачылып түшүп, жайнап турган элдин жүрөк учкундарын тутандырып, жан-сезимдерин күүгө салып, жан дүйнөсүнө бүлүк салат.

Сүйүү ырларында символикалык ситуациялар өтө жаш кездешет. Ошондуктан биздин азыркы учурубузда гана эмес биздин ата-энелерибиздин, алардын ата-бабаларынан бери айтылып келе жаткан ашыктык, сүйүү мотивдери менен символикалар кайра-кайра кайталанып кийинки муундарга өтүп келе жаткандыгын байкайбыз. Алсак, ашыктык ырларындагы ак куу, гүл, көпөлөк, чынар жана башкалар жаңы келген келин, жаш сулуу бийкеч катарында берилсе, алгыр куш, турумтай, булбул-жигиттин, жаш бозойдун символу катары сүрөттөлөт.

Ашыктык, сүйүү ырлары аркылуу өспүрүмдөрүбүздү ак сүйүүгө, туруктуулукка, моралдык жана нравалык тазалыкка тарбиялай алабыз.

Чын ашыктар өтөт дейт,
Чынар терек болот дейт.
Чынар терек башына,
Булбул куш сайрап конот дейт,
Булбул менен гүл ашык,
Ак назик менен биз ашык,
Кызыл алма гүлгө ашык

БИБЛИОТЕКА
педагогического
ИНЯ 748645

Кылымда сулуу ак назик
Кызык бозой сизге ашык,— деп, озүнүн ашыктыгын, сүйүүсүн билдирсе,

Асман менен ким өткөн
Каркыра менен турна өткөн
Ашыктыктан ким өткөн
Таир менен Зуура өткөн
Жусуп менен Зулайка

Ашык болуп бул өткөн,— деп сүйүүнүн, ашыктыктын тарыхына токтолот. Жыйынтыктап айтканда, сүйүү ырлары коомдогу жашап жаткан адамдардын коомдук аң-сезимин, жаштардын бири бирине карата болгон тунук сезимдерин билдирип, оз кудуретине жараша таалим жана тарбия берүүчүлүк мүнөзго ээ болуп эсептелет.

Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларындагы балага, жаш наристеге, бөбөккө карата айтылган ырлардын бири — **бешик ырлары** болуп эсептелет. Алардын баарында баланы сооротуу, тарбиялап өстүрүү, ата-эненин баланы сүйүшү, баланын алакасындагы турмуш шарты берилет. Бешик ырынын күүсү бешик терметүү ыргагына окшош. Анда наристенин жакшы адам болушу, келечегинин кең, турмушунун жыргалдуу күндөрго туш келиши жонүндөгү ой-тилеги, максаты билдирилет. Бөбөккө карата каалоолор, акыл-насааттар айтылат да, — энелик сүйүү, мээримдүүлүк, жүрөккө жагымдуу жылуу сөздөр, эненин баланы алдейлөөсү, түйшүгү, тынымсыз толгонуусу, ой чабытынын бир жерге токтобой эчен алакетке түшүүсү менен катар эле бөбөктү уктай гой, ыйлаба, энең сага эмчек берет, атаң атка мингизет деп жалынып жалбаруусу, өпкө-боорун чаап жалынуусу ырдалат. Бешки ырларында өтө назик, жумшак, жан жыргаткан энелик кайрылуу, эркелетүү күчтүү берилет да, ошондой эле назик обон менен ырдалат.

Бешик ырларынын айрымдарынан мисалдар келтирип көрөлү:

Айланайын айсары,
Жабагымдын саптары.
Бышкан нандын ортосу,
Жүрөгүмдүн толтосу.
Түлкү ичиктин сүбөөсү,
Сулуу кыздын күйөөсү.

Ыйлаба, балам, ыйлаба,
Апакеңди кыйнаба!
Атаң тойго кеткендир,
Ак кисе толгон эт келет.

Энең тойго кеткендир,
Эмчеги толо сүт келет.
Алдей, балам ыйлаба,
Энекеңди кыйнаба!

же

Алдей, бөбөк, ыйлаба,
Эжекеңди кыйнаба.
Кырма табак кырдырба,
Кыруусу менен куйдурба.
Куру кыйнап эжеңди,
Кокуйлатып ыйлаба.

же

Алдей, алдей ак бөпөм,
Ак бешикке жат, бөпөм
Чоңоё көр, өсө көр
Тоолоруңдай бийик бол
Сууларыңдай тунук бол
Чоңоё көр, өсө көр.

Жогорудагы саптарда не деген ой-максат, эненин аруу тилеги, келечекке карата болгон өчпөс үмүтү менен каалоосу айтылбаган. Белгилүү авар акыны Р. Гамзатов айткандай:

«Өмүрдө бешик ырына,
Кезикпеген жан барбы?
Эненин сыйкыр ырларын,
Эшитпеген жан барбы?»

Эненин ыйык сүйүүсү, баласына карата болгон бардык мээрими, тилеги, акыл-насааты чагылдырылган ырлар жаш муундар үчүн тарбиялык, таалим берүүчүлүк мааниге ээ экендиги талашсыз. Аны уккан, анын сөздөрүн түшүнгөн бала ата менен эненин ыйыктыгын, бала үчүн кандай адамдар экендигин сөзсүз түшүнөт. Ата-энени ардактайт, урматтап сыйлайт. Алардын өз денесинен берген каны, кылган кызматы аркылуу гана өзү ушундай деңгээлге жеткендигин түшүнөт. Ал ырлар наристенин сезиминде, балалык кыялында экинчи кайталангыс, кайра кайтарып алууга мүмкүн болбогон ыйык нерсе катарында түбөлүккө жашап калары анык. Өзү уккан бешик ырын андагы каалоо тилектерди, ой-максаттарды өз баласына айтары бышык.

Элдик педагогиканын дагы бир негизги булактарынан болуп элдик оозеки чыгармалардагы **жөө жомоктор** болуп саналат. Алардын негизинде элдин тилеги, ой-максаты, келечек жөнүндөгү үмүтү берилет, аларды ишке ашыруучу каармандар акылдуу дыйкан, жетим бала, таз бала, акылдуу кыз, ай-

лакер кыз, кайраттуу жигиттер болушат да, алар дайыма жеңишке жетишишет. Жөө жомоктор дайыма окшош жорго сөздөр менен башталат да, жорго сөздөр менен аяктайт.

Жомокту бардыгы, чоң да, кичүү да чындап угушат. Эмне үчүн жаш балдар мынчалык кызыгат? Эмне үчүн өтө сонун? Алардын сонундугу, кызыктыгы, андагы окуялардын күтүлбогон жерден болгондугу. Бирок ал окуялар адамдын оюна келбеген көрүнүштөр реалдуу иш катары учурагандыгы. Анда таптакыр санаага келбеген иштер, окуялар, көрүнүштөр, кубулуштар бири бирине чырмалышып, ширелишип айрып алгыстай болуп куюлушуп кеткендигинде. Өткөн доорлордогу жашаган ата-бабаларыбыз азап-тозоктон, акыйкатсыздык менен ар кандай кысымдардан, жокчулук менен кыргын-сүргүндөрдөн, талоончулук менен теңсиздиктен кутулуунун жолун издешкен, кыялданышкан. Андай нерселерден кыялында, ойтилектеринде жомоктор аркылуу кутулушкан. Жан дүйнөсүн канааттандырган. Кыйынчылыктын кыйноолорун убактылуу болсо да унутушкан.

Жомоктордун экинчи дагы бир жагымдуу сонун жери — анда дайыма жакшылык жамандыкты, ак ниеттик кара ниеттикти, жоомарттык зыкымдыкты, акылдуулук акмакчылыкты, ооорукердик таш боордукту, чындык жалганды жеңет. Адилдик менен тазалык дайыма жомоктордун аягында салтанат курат. Акыл менен тарбия эч качан көөнөрбөс алтын мурас экендиги айтылат. Кандайдыр бир бүтпөгөн же туура эмес иш үчүн чыныгы акылман, баатыр өзүн, ал эми коркок досун күнөөлөрүн ашкерелейт. Даанышмандык менен акылмандык дайыма үстөм болот. Окуялар тан каларлыктай деңгээлде чиеленишет. Акырында угуучуну жан кейиткен абалга жеткирип, эчен алакетке түшүрөт да, күтүлбогөн окуялардын натыйжасында окуя жакшылык менен аяттайт.

Жомокту кандай гана жаш бала болбосун жан-дили менен кызыгып угат, окуйт. Андан ошол уккан же окуган окуяларындай даанышман, чынчыл, эл жүрөк, тайманбас, акылдуу, боорукер, жоомарт, тапкыч, чечен, ак ниет, эл үчүн кызмат кылган адам болсом деген таасир алат. Ошондой болгусу келет. Ал жомок менен кошо аралашып, жуурулушуп кетет. Жомоктогу мүнөздөр менен каармандар жаш угуучунун же окуучунун жан дүйнөсүнө билинбей кирет. Анын сезимдерин козгойт, таасирлентет, өзүнө тартат. Баланын андай сапаттарга умтулуусу, жетишүүгө аракет кылуусу өтө олуттуу иш. Ушундай көрүнүштөрдөн бала бир жолу таасирленет, эки жолу таасирленет, үч жолу таасирленет. Акырында ушул сыяктуу сапаттар, мүнөз-

дөр, көз караштар, иш аракеттер наристенин аң-сезимине бирротоло уялайт. Андан түбөлүккө түнөк табат. Балким ошондон таасирленген бала өмүр бою жакшылыкты идеал тутуп, карыганча, өмүрү өткөнчө ага умтулуп өтөт.

Окуялары өтө жыш, стилдин курулушу, сөз айкаштары ажырагыс бири бири менен туташ, көркөм сөз берметтери өтө көп колдонулган элдик жомокторду угуп отуруп кайрадан өзүндөй кылып айтып берүү өтө кыйын. Ал үчүн өзүнчө чеберчилик, өзүнчө бир сөзмөрлүк талап кылынат. Жомоктордун башталышы өз алдынча традициялуу жорго сөздөр менен мынтип башталат да: «Бар экен, жок экен, ыргоолу кыр экен, куйругу узун экен илгери өткөн замандарда ээн жерди жердеп, эч кимге кошулбай, өз алдынча тиричилик өткөрүп отурган бир чалкемпир болгон экен. Анын ай десе аркы жок, күн десе көркү жок бир сулуу кызы болгон экен», «Ошентип алар максат — муратына жетип, бактылуу жашап калышкан экен» деп аяктайт.

Жөө жомокторду адабиятчыларыбыз айбандар жөнүндөгү жөө жомоктор, сыйкырдуу жөө жомоктор жана турмуштук жөө жомоктор деп өз ара үч топко бөлүп жүрүшөт. Бирок алар бирин бири толуктап, бири бирине өтмө катар жакын турушат.

Кыргыздардын жөө жомокторунун тематикасы өтө бай. Ал элдин маданий казына, рухий мурасына, жашоо кумарына айланып, элдик энциклопедия катары кызмат кылган десек жаңылышпайбыз. Анткени жомоктордо элибиздин жашоо шарты, турмуш-тиричилиги, каада-салттары, саясий-социалдык маселелери, чарбачылыгы, кол өнөрчүлүгү жана башка жагдайлары камтылган.

Элибиздин жөө жомокторунун ичиндеги «Чокчолой баатыр», «Ач карышкыр», «Алтын куш», «Айбандардын достугу», «Мундук менен Зарлык», «Акылдуу дыйкан», «Жеке таз менен жети таз», «Айлакер бала», «Зар менен Мээр», «Ата сөзү», «Эки бир тууган», «Акыл карачач», «Жээренче чечен», «Апендинин жоруктары», «Алдар көсөнүн аңгемелери» сыяктуу жөө жомокторду не деген ойлор, кандай гана чебер сөздөр, эчен чиеленишкен окуялар жорго сөздүн күчү, менен угарманга жетип, аны кандай гана ойлорго салбайт, кандай гана сезимдерди түйшөлүүлөргө дуушар кылбайт. Андагы каармандар, «булуттуу көктүн астынан, муундуу чөптүн үстүнөн учуп жөнөгөндө, дүйнө калт-калт этип, эки тоо кабышып, уйдай таш удураңдап, койдой таш кодураңдап аркасынан кууп жөнөйт же как эткенде карга, кук эткенде кузгун жок, ээн талаа эрме чөлдө бир тамчы сууга зар болуп азап тартат. Бирок алар андан өз өнөрлөрү, акылмандуулугу, кайраттуулугу, чынчылдыгы, ак ниеттүүлүктөрү менен кутулуп чыгышат. Отко салса күйбөйт,

сууга салса чөкпөйт. Темирди камырдай жууруйт, баатырлардагыдай соот-чопкут, ач албарс кылыч жасап асынышат да, кыйын-кысталышта тургандарга жардам берип, өзү да кыйынчылыктан кутулат, же шаарларга чеп куруп, шамалдуу жерге жел тегирмен, суулуу жерге суу тегирмен куруп таштайт.

Мына ушул окуялар, көрүнүштөр каармандардын тагдырлары мектеп жашындагы баланы кайдыгер калтырбайт. Ал андан сөзсүз бир таасир алат.

Ошентип жөө жомоктор жаштарды сөзмөрлүккө, өз оюн так айтууга көнүгүүгө, өзүндөгү окуялар менен каармандар аркылуу акылмандыкка, эрдикке, боорукердикке, жакшылыкка, эптүүлүккө чынчылдыкка, достукка, туруктуулукка, жоомарттыкка, ак ниеттүүлүккө, кайрымдуулукка, тапкычтыкка, чечкиндүүлүккө ж. б. сапаттарга тарбиялайт. Ошондой эле өлүмдү, кара ниеттикти, наадандыкты, таш боордукту, акылсыздыкты, адепсиздикти, ала көөдөндүктү, бой көтөргөндүктү, коркоктукту, кара мүртөздүктү жек көрүүгө, андан алыс болууга түртүү берет. Болгондо да алар курулай насаат катарында берилбестен жандуу окуялар, жандуу элестер көркөм сөздүн күчү менен так жеткирилип берилет.

Жыйынтыктап айтканда жөө жомоктор адамдын адам болуп калыптанышында, турмушка даярдалышында, турмуштук карама-каршылыктар менен тайманбай күрөшүүгө чыга ала турган инсан болуусуна чоң көмөк көрсөтөт. Аларды образдар аркылуу көп нерселерге байытат. Жаш угуучуларга кең дүйнө, аалам, жаратылыш, анын сырлары жөнүндө өзүнчө бир нурдай таасир берип, турмуш сабагынан даам таттырат. Жаш балага адегенде эле аалам, анын сырлары жөнүндө илимий жол менен түшүнүк бере албайбыз. Адегенде ошондой сырдуу аалам, андагы күтүлбөгөн окуялар, жер-суу, курчап турган дүйнө жөнүндө баян берген жомоктор дүйнөсү менен тааныштыруу жакшы тилектерди жаратары анык.

5. Элдик педагогиканын булагы болуп жаштарга таалим-тарбия бере турган элдик оозеки чыгармачылыктын дагы бир түрү — **чечендик сөздөр**. Кырдаалга ылайык айтылгандыгы, курчтугу, таамайлыгы, маанисинин терендиги менен айырмаланган, чечен деп айтылган адамдар тарабынан оозеки айтылган сөздөр чечендик сөздөр болуп саналат. Кыргыз элинде өткөн мезгилдерде Жээренче чечен, Акылкарачач сыяктуу чечендер өткөн экен. Алардын айткан сөздөрү менен кылган иштери уламыш жомок катарында алиге чейин эл арасында айтылып келе жатат. Ал эми кийинки мезгилде Кадыр Аке, Садыр Аке, Сарт Аке, Торгой чечен, Көкөтөй, Тилекмат, Каргабий, Акматалы, Жоошбай, Бекназар, Куйручук кийинки муундан чуку-

гандай сөз тапкан чечен катары акын, жазуучу, драматург К. Маликовду атап жүрөбүз.

Чечендик кыргыздарда тилдик өнөрдүн эң жогорку көрүнүшү катары бааланат. Чечендер сүйлөгөн кезде эч кандай калем-кагазсыз, даярдыксыз шар сүйлөгөн, айтылган сөзгө, берилген суроого токтоосуз жооп тапкан, импоривизатордук менен куюлуштуруп сүйлөгөн, үнү, кеби коңур келип, сөздөрү уккулуктуу, мазмундуу чыккан. Уккан элди өзүнө багындырып алган.

Чечендер элдик макал-лакаптарды, байыртан келе жаткан бабалардын сөзүн, карыялардан уккандарын, элдик оозеки чыгармаларын, санжыраларды, улуттун тарыхын, саясий, коомдук турмушун, сүйлөп жаткан учурдагы аудиториянын психологиясын жакшы билген адамдар болушкан. Алардын чечендиги кайым айтыштарда, талаш-тартыштарда, доо чечилген жерлерде, ар кандай дубандарда, жыйындарда, аш-тойлордо ачык билинген. Алар таамай айтылган чечендик сөз менен бирде бирөөнүн куйкасын куруштурса, бирде бирөөлөрдүн төбө чачын тик тургузган Жети өмүрдү жерге киргизе айткан кептери көп болгон. Эки бакыр бир тукур кылып жүйөө да чечкен. Алар калыстыкты пир туткан адамдар болушкан. Ошол калыстыктан аларды эч кандай нерсе азгыра алган эмес. Бардык сөздү бетке айтып, тике сүйлөшкөн. Кабак каштын ортосунда эчен түйүндүү татаал иштерди чечип коюшкан. «Баш кесмек бар, тил кесмек жок» деп эч кандай, эч нерседен тартынбай сүйлөшкөн.

Чечендер айрыкча сөздүн кунун өтө жогору баалашкан, ошол өзү айткан сөздүн куну үчүн таман астында тепселип калууга да макул болушкан. Ошондуктан эл аларга «Баатыр жоодо билинет, чечен доодо билинет» деп баа беришкен.

Чечендердин чечендик ажары айрыкча доо чечкен учурда ачылган. Доочулар доомат коюшуп тактык кетет деп чочулабастан, алар калыстыктан тайышкан эмес. Кандай сөз, каргыш, сөгүш укса да ага кайыл болушкан. Кепке кемтик, сөзгө сөлпүк иш болсо аны да бетке чаап айтышкан. Өз бир тууганы болсо да кемчилдигин бетке айтып, калк алдында уяткарган. Ошон үчүн эл «Чечендин тили орток, чебердин колу орток» деп айтышкан. Чечендердин мыкты сөзү бирде кактабай канды алса, бирде бирөөнү чүкөдөй өкчөгөн. Бармак тиштеген учурлары да, ачык асман каратып акыйткан мезгили да, сызга отургузган күндөрү да, жүрөктүн сары суусун алып саргарткандары да болгон.

Эл арасында элчилик, журчулук иштердин көбү ушул чечендер аркылуу бүткөрүлгөн. Бул өнөрдүн ээлери көп элдердин саясий-коомдук турмушунда, тарыхында чоң из калтырыш-

кан. Алардын сүйлөгөн сөздөрү реалдуу күчкө айланган кездерде, ал ким үчүн болсо да коркунучтуу болгон. Анткени ал хандан, бектен, бийден, байдан, өкүмдардан, акимден корккон эмес. Ал турсун аларын өзүн да сөөккө баткан сөз менен калк алдында маскара кылып, сөзгө жыгып, жеңген учурлары жөнүндө элде көп сөздөр айтылат.

Эл арасында чечен келин жөнүндө төмөндөгүдөй бир аңгеме айтылып жүрөт: Көпкөлөң тарткан бир мырза жигит жолоочулап келе жатып, бир үйгө кудайы конок болот. Үйдөн жаш, сулуу келин чыга калып коноктордун атын алып, үйгө киргизет. Үйгө киргенде бой көтөргөн мырза жигит келинге тийишип: «Бул куржунду кайда илейин, келинчек»,— дейт. Анда келин: «Эгер сексен баштуу үйдөн куржун илүүгө керегенин башы табылбай калса, анда мойнуңузга илип алыңыз»,— дейт. Жигит таш тиштегендей болуп келиндин сөзүнө жыгылат.

Үйдүн ээси үйдө жок экен. Күйөөсүнүн жогун билгизбей, келин коноктордо жакшы сыйлап, эт салып, табактарды коноктордун алдына тартат. Мырза жигит кашка жиликти алып мүлжүгөндөн кийин, аны чагып, чучугун сормокчу болуп маки менен жиликти ургулай баштайт. Мырза жигиттин опкоктугун, адепсиздигин жактырбаган келин бир табак сары май салып келип: «Каалаганыңыз май болсо, сөөк чагам деп кыйналбай мына бул майды жеңиз»,— деп кашыгы менен жигиттин алдына коёт. Жигит бул жолу да жолдоштору менен келиндин алдында сөзгө жыгылат.

Эртеси коноктордо атказат. Мырза жигит аттанганда үйдүн чоң дөбөтү үрүп чыгып, жигиттин үзөнгүсүнө асыла кетет. Жигит эңкейе түшүп, дөбөттү камчы менен башка тартып жиберет. Дөбөт каңшылап калат. Анда каңшылап жаткан дөбөттү эркелетип: «Кой, Маңгыт, ыйлаба, агасы инисин уруп эле койчу»,— деген экен.

Ошентип, чечен келинден мырза жигит үч жолу сөзгө жыгылып үн ката албай жолдоштору менен жолго түшкөн экен».

Жогорку тексттеги чечен келиндин сөз тапкычтыгы, таамай айткан куйкум, курч сөзү уккан адамдын кимин болсо да кайдыгер калтырбайт. Ушул сыяктуу таамай айтылган сөздөрдөн Көкөтөйдүн Касымбайга жолукканы, Тыныбек манасчыны куткарып, айтылуу Садыр акени сөзгө жыккаңы, Көкөтөйдүн Какшаалга барганы сыяктуу окуялар, же Бекназар, Куйручук, Жоошбайлардын таамай таасын сөздөрү не деген ажайып аңгемелер. Булар да жаштарга таасир берип, алардын тапкычтыгын, сөзмөрлүгүн, элдин салт-санаасын сыйлоо, урматтоо сезимин козгоп, ошолор сыяктуу адилет, чынчыл, таамай сөз-

дүү болууга үндөй турган кас
отуруунун кажети жок.

Элдик педагогиканын өнүгүшүнө
сирдүү булактардын бири экендиги тал
ар бир сөз, ар бир чечендин касиети жаш
лык чоң мектеп.

II. Элдик педагогиканын дагы бир не
жакынкы жана орто чыгыштагы, Орто Азияда
энциклопедиячылар эсептелет. Алардын окутуу,
на билим берүү жөнүндөгү көз караштары ошол ме
бизге калган көөнөргүс мурас. Алардын ар кандай педа
лык идеялары акырындык менен жалпы элдин арасына о
элдик таалим-тарбия менен биригип, элдик педагогиканы
гизги булактарына айланып кеткен. Ошол мезгилдеги ба
рыбыздын таалим-тарбия берүү жөнүндөгү ойлорун, идеялар
үлгүлүү тажрыйбаларын, даанышмандык менен калтырган пи
кирлерин, акыл-насааттарын терең үйрөнүп, анын маани-маңы
зын чечмелеп, педагогикалык илимибизди ага негиздебей туруп
элибиздин улуттук педагогикасын, накта кыргыз элинин педа
гогикасын калыптандыруу мүмкүн эмес экендигин 70 жыл
ичиндеги турмуштук, педагогикалык тарыхыбыз далилдеп көр
сөттү.

Орто кылымдардагы жана андан кийинки дооpлордогу оку-
муштуу ойчулдарыбыз табият жөнүндөгү илимдерди, коомдун,
жеке адамдын өнүгүү, калыптаныш процессинде тарбиялоо ме-
нен билим берүүнүн мааниси жөнүндөгү маселеге өтө көп кө-
ңүл бурушкан. Алардын ар бир идеясы, ою элдин турмуштук
тажрыйбасы менен далилденген көз кааpштар болуп саналат.
Ошол турмуштук тажрыйбаларды, педагогикалык идеяларды
көркөмдөп, ар кандай фактылар менен далилдеп, ой-пикирлери
менен тастыкташып кайра элге сунуш кылышкан. Ошол мезгил-
дердеги атактуу окумуштуу-ойчулдарга төмөндөгүлөрдү кошуу-
га болот: Абу-Райхан-Бируни (973—1050), Абу Наср Ал-Фара-
би (870—950ж), Ибн Сина (980—1037-ж), Рудаки, Фирдоуси.
Омар Хайям (1048—1123-ж), Кей Кавус (1021—1098-ж), Мах-
муд Кашкараи (XI к), Жусуп Баласагын (1018-ж., өлгөн жылы
белгисиз), Шайык Саади., Бул авторлордун адеп-ахлак масе-
леси, таалим тарбия берүү, илим изилдөө, акыл-эстүүлүк, бак-
ты-таалай, билим алуу, ага умтулуу, сабырдуулук, ден соолук
тууралуу укмуштай тарбиялык мааниси бар идеяларды айтыш-
кан. Алардын пикири боюнча бардык нерсе адептүүлүк, чын-
чылдык, билимдүүлүк жана адилеттик менен ден соолукка бай-
ланыштуу болот. Ал эми илим-билимге бала жаштайынан ара-
кеттенүүсү керек. Билим, түшүнүк болбосо, түркөйлүктөн эч

жыйынтыкка келишкен. Жого-
ектери ар бири эле өз алдынча
ларда не бир сонун ажайып ойлор,
рдын жыйынтыктары таамай, кыска ай-

ларры Чокон Чынгысович Валикановдун
ий Алтынсарин (1841—1888), Абай (Ибра-
ын тарбиялоо жана билим берүү, өнөр үйрөтүү
ойлорун үйрөнүү, пайдалануунун жаңыдан телчи-
аткан элдик педагогикабыздын калыптануусуна бел-
деңгээлде салым кошору анык.

Бүгүнкү күндө Улукман аким деп аныз кылышкан (Ал-
н) тарбия, билим жана акыл-насаат айтууда өтө чоң ийги-
ерге жетише алгандыгын окумуштуулар жана чыгыш жа-
учулар өтө жогору баалап жатышат. Башканы коюп эле кыр-
ыздарга тарап кеткен, алардын көпчүлүгүнө оозеки түрдө таа-
ныш болгон «Улукман акимдин жүз насааты» деген эмгек не
деген баалуу педагогикалык мурас болуп саналбайт. Анда жаш-
тарды эң жөнөкөй жүрүш-туруштун эрежелеринен баштап, ба-
ланын ар кандай коомдук иштерге аралашуусуна чейинки акыл-
насааттар айтылган.

Улутубуздун элдик педагогикасынын өнүгүүсүндө, анын
калыптануусунда Жакынкы жана Орто Чыгыштын өткөн мез-
гилдердеги окумуштууларынын, илимпоздорунун көөнөрбөс
мурастарынын мааниси өтө зор. Анткени биздин жашоо шар-
тыбыз, турмуш-тиричилигибиз, күндөлүк турмушубуз, коомдук
түзүлүшүбүз окшош же өтө жакын. Айрымдарыбыздын тили-
биз тектеш, туткан динибиз бирдей. Алардын педагогикалык
асыл ойлорунун каймактарын калпып алып, аны мындан аркы
педагогика илиминде пайдалануу келечектин иши.

III. Нукура элдик идеялар, адеп-ахлак, акыл-насаат, элдин
турмушу, жашоо шарты, коомдук абалы, андагы жашаган адам-
дардын улуттук көз карашы менен психологиясы, жаратылы-
шы, башынан өткөргөн тарыхый окуялары жөнүндө кеңири түү-
шүнүк берүүчү дагы бир түгөнгүс булактары ал — **өткөн кылым-
дардагы жазгыч акындар менен эл акындарынын чыгармалары**
болуп саналат. Биз, кыргыздардын, улуттук өзгөчөлүгүбүздүн
бири — ыр өнөрүнө шыктуулугубуз. Ал жөнүндө башка элдер-
дин илим изилдөөчүлөрү өткөн кылымдардан бери эле айтып
да, жазып да келе жатышат. Мындай өзгөчөлүккө ээ болушу-
буздун бирден бир себеби — эл акындарынын чыгармачылыгы.
Эл акындарынын чыгармалары жалпы эл менен жуурулушуп
элдин турмушу менен өтө тыгыз байланышта жаралат. Антке

ни алар эл турмушун, эл тагдырын ырдашат. Ырдын башатын элден алышат. Алардын турмушун, жашоосун, көз карашын ж. б. көрүнүштөрүн көркөм сөздүн каражаты менен кооздоп, сүрөттөп, ар кандай сөз берметтери менен шоктөттөп, кайра элдин өзүнө берет, жалпы калайык калкка тартуулайт.

Кыргыз эли акындарга өтө бай. Алардын айрымдарынын чыгармалары бүгүнкү күнгө чейин келип жеткен жок, Аты, даңкы гана жетти. Алар жөнүндөгү легендалар, болмуштар, айрым окуялар гана айтылып калды.

Албетте андай легендалар менен катар ал ырчылардын аз да болсо, бизге жеткен ырларынын үзүндүлөрү бар. Маселен, атактуу Жайсаң ырчыны алалы. Ал IX кылымда жашап өткөн да, ошол кездеги кыргыздардын үмүт-тилегин жана умтулууларын ырдаган. Айрыкча кыргыз урууларынын биригиши, биримдик менен чет душмандарга каршы туруу идеясы Жайсаңдын бүткүл чыгармачылыгына дем берген, ырчыны эргиткен идея болгон. Атактуу Кыргызканга арнган мактоо ырында ал минтет:

Кыз-келиниң кадырлап,
Үкү менен сыйладың,
Чачылып кеткен Усундун
Чар тарабын жыйнадың».

ЖЕ

«Түпкү атаңдын өз журтун,
Түгөл алдың колуңа
Алыстан келди көп уруу
Ак калпак сенин бооруңа»

(Улуттук илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусу. Инв. 5193. 50—51 беттер).

Ал эми айтылуу Кет Бука ырчынын Чыгызханга баласы Жучу кандын өлгөнүн угузганы ырчынын канкор кандын алдындагы улуулугу да, даанышмандыгы да болуп саналат. Элдик угузуу ырларына мүнөздүү каймана форманы колдонуп, Кет Бука:

«Туу куйругу бир кучак
Тулпар качты Айханым
Туусунан бошонуп
Шумкар качты Айханым,

Кара жандан таптаттуу
Ынак өчтү Айханым.

Касиеттүү башкача
Чырак өчтү Айханым» — деп ырдаган. (Ошондо. Инв. 1302 226—227 беттер).

Орто кылымда жашап өткөн Токтогул ырчы жөнүндө да маалыматтар табыла баштады. Ал өз кезегинде айтылуу Жаныбек хандын адилетсиздигин эл алдында ашкерелеп ырдаганы белгилүү. Тимур менен да айтышып жапа чеккенин жакында «Заман Кыргызстан» гезити жазып чыкты. Ага чейин эле ырчы жөнүндө эл оозунда уламыштар айтылып ырларынын үзүндүлөрү сакталып келген. Мисал келтирели:

«Амириң күчтүү болсо,
Жанымды аларың бар.
Бирок мен жалынбайм,
Тагдырга тарынбайм.
Өлтүрсөң өлөрүм бар,
Өлбөчү өнөрүм бар.
Астырсаң денем калар,
Ырларым оттой жанар». (Бул жөнүндө караңыз «Заман Кыргызстан» гезити 1—15 апрель. 1993 ж.).

Бул сыяктуу улуу инсандардын бири — Асан Кайгы. Анын ырлары да Тоголок Молдо жазып алган үлгүсүндө сакталып калган.

Элди таң калтырып бир нече кылымдардан бери эл оозунда жомок болуп айтылып калган Рамандын ырчы уулу, Кетбука, Жээренче чечен, Асан кайгы, Токтогул сыяктуу адамдардын нускалуу сөздөр менен ырлары кагаз бетине түшүрүлүп калганда не деген жетишкендик болор эле. Ал гана турсун кечээки XVIII—XIX кылымдардагы Тыныбек, Балык, Найманбай, Нышан, Калмурза, Жеңижок, Эшмамбет сыяктуу акындардын алтынга тете мурастары бизге толугу менен жеткен жок. Айрымдарынын чыгармалары эмес өзүнүн даңкы гана келип жетти.

Ал эми XIX кылымдын экинчи жарымында жашап, XX кылымдын башталышында көзү өткөн акындарыбыздын чыгармалары деле толугу менен жыйналып алынды, толугу менен бүгүнкү күндүн окурманынын колуна тийди деп айтууга толук мүмкүнчүлүгүбүз жок.

Жогоруда айтылгандай жазуу — сызуусу өнүккөн элдерде ойчул-даанышмандар өздөрүнүн акыл-насаат, илим-билим, таалим тарбия жөнүндөгү ойлорун, идеяларын, илимий иштерин жазуу түрүндө калтырып кетишкен. Ал эми жазууга массалык

түрдө кызыкпаган, сабаттуу адамдары сейрек кездешкен эли биздеги ойчулдар, акылмандар, даанышман адамдар өз идеялары менен ойлорун өз чыгармаларында оозеки түрүндө жайылтышкан. Ал ойлор, идеялар элдин арасына сиңип, жалпы элдик болуп кеткен. Ал гана турсун аларды айткан, жаратк адамдардын өздөрүнүн аттары да аталбастан, ысымдары да белгисиз калып кеткен.

Адам баласынын турмушу, тиричилиги, жаратылышы, жашоо шарты, салт-санаасы, ой максаты, идеалдары, тур. уштук жалпы жоболору жөнүндө өз алдынча ой жүгүртүп, андан жыйынтык чыгарып, өзүнүн философиялык көз карашын эл алдында тартуулаган акындарды элибиз **нускоочу акында**. деп аташкан. Алардын чыгармачылыгы жамакчы акындарга караганда жогорку деңгээлде болгон. Мына ошондой ойчул, нускоочу акындарыбыздын эң алгачкыларынын бири **Калыгул Гай уулу (1785—1855-ж)**. Анын ырларынын басымдуу көпчүлүгү акыр заман, кыямат күндөрү жөнүндөгү идеяда болсо да санат, терме, насият, адеп-ахлак, жаштардын жүрүш-турушу, эмгекчилдик жөнүндөгү саптары, ырлары да бир топ арбын. «Замана» идеясындагы ырларында:

Жылдан жылга замана,
Башка болот деп айткан.
Келин-кызың уялбай.
Кашка болот деп айткан.

Башка кийсе батпаган
Топу чыгат деп айткан.
Ала намаз окуган
Сопу чыгап деп айткан,— деп олуялык кылып, мезгил, жөнүндө өз оюн айтса, терме, санат, насият ырларында:

Жекендүү көлдүн бал камыш
Жылкы салса от жанат
Уулу жаман болгон соң,
Дөбөдөй болгон атасын
Төө үстүнөн ит кабат.
Тамды тешээр уурунун,
Сабы кыска чоту бар.
Боло турган жигиттин,
Жүрөгүндө оту бар.

же

Жаман атты буйга мин,
Түнөп калган уйга мин.
Чанач алып сууга мин,

Ишенимдүү жакшы атты
Көтөрүлгөн тууга мин

Кулак тунган чууга мин»,— деп акыл-насаатын айтат. Аны чыгармаларын окуп отуруп чыныгы даанышман, алдын ала билген олуя, терең ойчул, улуу педагог, үгүт-насият айткан нускоочу акын экендигине күмөнсүнбөй ишенесин.

Кыргыздын XIX кылымда жашаган айтылуу акындарынын дагы бири **(Балык ооз) Кумар уулу** (1793—1873). Ал өз заманынын чыгаан акындары катарында кыргыз жеринин кооздугу, сулуулугу, ал жердеги төрт мезгил жөнүндө, андагы жаратылыштын өзгөрүшү, келбети, мезгилге жараша адам түйшүгүнүн өзгөрүп турушу жөнүндө өтө таамай, көркөм ырдаган акындардан болгон. Ал жалаң гана акын катары эмес, өз мезгилинин атактуу манасчысы катары да даңкы далайга кеткен. Балыктын чыгармалары жаштарга Ата Мекен жөнүндө, анын кооздугун, сулуулугун ыйык тутууда, аны сактоодо өз кызматын өтөй алат.

Кыргыз элинин башына түшкөн эки түрдүү эзүүнү көргөн, алар жөнүндөгү (Кокон хандыгы, Падышачылык Россия) өзүнүн ой-пикирин, алардын таасири менен элде ыймандын кетишин, адеп-ахлактын бузулушун, салт-санаанын, үрп-адаттын тебелеп-тепселенишин даана байкаган, өз улуту үчүн жаны күйүп ырдаган, элди биримдикке үндөгөн акындардын бири **Арстанбек Буйлаш уулу** (1840—1882). Арстанбек Кокон хандыгынын эзүүсүн, бугу менен сарбагыштын кагылышын, Кененсары Касымовдун кыргыздарга жасаган жортуулун, падышачылык Россиянын кыргыз жерин күч менен басып алып, ага колониялдык саясат жүргүзүп жаткандыгын көрүп, аны жүрөгү менен туюп, андан элдин жабыр тарткандыгын, кыйын күндөргө дуушар болуп жаткандыгын акыл-эстүүлүк менен сезген, ага карата өз оюн айткан. Алардын себебин да даанышмандык менен анык баамдап билген. Ошондой көрүнүштөрдүн кесепетинен:

Байыркыдан барк кетти
Каадалуу нуска нарк кетти.
Жардылардан барк кетти,
Каада, нуска нарк кетти.

Акыр заман болгондо
Кой азаят дечү эле,
Журтта ургаачы көбөйүп
Бой азаят дечү эле

Бойго жеткен кыздардын
Баштагыдай көркү жок,

Той азаят дечү эле.
Кыз он бешке чыкканда,
Эжесине баш бербей,

Боюн күүлөйт дечү эле, — деп ыймандык, нарк-насилдин, салт-санаанын, табийгат менен жаратылыштын бузулганына кайгырат. Акындын олуячылык менен айткан дааны... ман ойлору так чыгып өз улутубузду, өз тилибизди, каада-салтыбызды, кимдигибизди да билбей, кыргыз деген атты унутуп коё жаздаган мезгилибизде кайра куруу, демократияны... менен гана кайра өзүбүзгө келе баштадык. Маданиятыбыз... рыхыбыз эстен чыга баштаганда, эми гана кайра улуттук кас... тибизди колго алдык.

Кыргыздын көрүнүктүү жазгыч акыны **Молдо Кылыч Шамыркан уулу** (1866—1917). Молдо Кылыч башка акындардай колуна комуз алып аш-тойлордо ырдаган эмес. Ага аны... нап атактуу Төрөгелди баатырдын небереси экендиги тоскоолдук кылган. Ошондой болсо да ал реалист акын катарында өз ур... рундагы турмушту туура баамдап, коомдук, саясий өзгөрүүлөрго өз алдынча баа берип, кыргыз жеринин сулуулугуна, кооздугуна суктанып, анын ажайыптыгын даңазалап ырдаган. Сабатсыздыкты, өнөрдөн алыс калгандыкты, илим-билимдин жоктугун Молдо Кылыч рухий дүйнөнүн жардылыгы катары баалайт. Ата бабадан келе жаткан салттын бузулуп бара жатышы, адеп-ахлактын, ыймандын жок болуп, төмөндөшү ошонун кесепети деген жыйынтыкка келет. Ал өз алдынча айылдагы оалдарды жыйнап алып, өмүрүнүн акыркы жылдарында аларды окуткан. Анда жалаң гана динди, шариятты окубастан түркү, парс, араб тилдериндеги жомокторду, кыссаларды, ырларды да окуткан. «Шах-нама», «Миң бир түн», «Жусуп-Зулайка», сыяктуу чыгармалар менен өз окуучуларын тааныштырган. Анын «Зилзала», «Кол казал», «Чүй баяны», «Керме-Тоо», «Жинди-Суу», «Алдамчы», «Буудайык», «Бүркүт тою» ж. б. чыгармалары элдик педагогиканын чыныгы үлгүлөрүнө болуп саналат.

Кыргыздын жазма адабиятын баштоочу залкар акын, өз доорунун насаатчы — педагогу **Молдо Нияз** (1980—1896) болгон. Ал өзү бир нече кол китептерди жазып, элге тараткан. Бизге келип жеткен көлөмдүү чыгармасы «Насият». Ал 200 саптан турат. Анда бийлөөчү төбөлдөрдүн зулумдугун, падышалык Россиянын колониялдык саясатын, адамдардагы мүнөздүн оош-кыйыш болуп туруксуз болушун, диндин өзгөрүлмөлүүлүгүн, аялдардагы оң-терс сапаттарды ырааты менен ... бия таалим бере турган мүнөздө сүрөттөйт. Өз мезгилиндеги доорду, андагы коомдук абалды, элдин каада-салты менен үрп-

адатын өтө чеберчилик менен талдоого алат. Акындын чыгармалары нукура педагогикалык мүнөзгө ээ. Анткени ыр саптарында адеп-ахлак, таалим-тарбия, ыйман, адамдагы жакшы, жаман сапаттар, өнөр, курчап турган чөйрө, анын ар кандай кубулуштары даанышмандык менен чечмеленип угуучунун же окуучунун сезимине ташка тамга баскандай таасир этет. Бул дүйнөнүн түбөлүктүү эмес экендиги, адамдын өмүрүнүн кыскалыгы, ошол кыска өмүрдө эмгексиз, сый-урматсыз, бири биринин көңүлүн оорутуп жашоонун пайдасыздыгы, деги эле адам гана эмес жан-жаныбар да түбөлүктүү жашоонун жоктугу жөнүндөгү өзүнүн философиялык оюн даанышмандык менен айтат.

«Манас», «Семетей», «Кожожаш», «Эр Төштүк» сыяктуу элдик эпосторду күндөп-түндөп айткан атактуу жомокчу, окуй, жаза билген билимдүү, түшүнүүгү кенен, жамгырдай төгүп, сөздү шурудай тизип ырдаган, даанышман — ойчул акын **Жеңижоктун** (1860—1918) чыгармалары тарбия-таалим жөнүндөгү элдик педагогиканын идеяларына жыш. Жеңижоктун өз аты — Өтө. Аны жаагын жанып ырдагандыгы үчүн Жеңижок деп да аташчу экен. Жеңижоктун акындык программасын ал өзү төмөндөгүдөй аныктайт:

Ашкебини бөлүп айт,
Акын болсоң төгүп айт.
Ак,караны ылгап айт
Жүрөк менен жыргап айт,
Эмгекчини мактап айт
Жатып ичер бузукту,
Какшык сөзгө кактап айт.
Адилетти коргоп айт,
Ак болоттун бөркүн айт.
Ач албарстык курчун айт,
Ата, бабаң журтун айт.

Жеңижоктун чыгармачылын багыты ушул.

Ч. Айтматовдун сөзү менен айтканда: «...Жер менен көктүн ортосундагы куштай эркин чабыттап, он сегиз миң ааламды оодарыштырып, колуна дүйнөнү тегерете кармап тургандай акын» Жеңижок — жаратылышты, табийгатты, анын ар кандай кубулуштарын кадимки илимпоздордой чечмелеп, анын сырларына талдоо жүргүзүп, андан тиешелүү жыйынтык, натыйжа чыгарып, аны көркөм сөздүн күчү менен таасын айтып берген акын. Ал адамды жаратылыштын, табийгаттын бир бөлүгү катарында ырдайт. Акындын «Балалык» деген ыры адамзат, анын өмүрү, ошол жашоосундагы ар кандай иш-аракеттери, ички сезимдери, жан дүйнөсү, жетилүү эволюциясы, психология-

сы, дене түзүлүшү жөнүндөгү өзүнчө эле бир чоң илимий эмгектин деңгээлинде. Бирок бир жаштан баштап, таяк кармап картайганга чейинки аралыктагы курактардын ар биринин өзүнө таандык уруттуу касиеттерин таап, аны көркөм сөздүн күчү менен сүрөттөп берүү Жеңижоктой философ акындын гана колунан келмек.

«Жеңижоктун Нурмолдого ырдаганы», «Санат», «Накыл кеп», «Насият», «Үлгү ырлар», «Терме», «Үй бүло», «Айт, айт десе», «Дүнүйө», «Замана», «Аккан суу» сыяктуу чыгармалары оз алдынча эле педагогикалык трактат катарында кызмат кылары анык. Аларды изилдөө, андагы айтылган ойду, идеяларды чечмелөө келечектеги окумуштуу — изилдөөчүлөрдүн кечиктирилгис парзы.

«Аккан суу» аттуу ырында анын касиетин, жашоо тиричиликтеги маани-маңызын ар тараптан чечмелеп, бул жарыкчылыкта суусуз жашоонун жоктугун, суу атасы Сулайманда эле талдайт да, аны көркөм сөздүн кудурети менен угармандын же окурмандын сезимине көз алдына кинокадрдай тартып, акыл-туюмуна сиңирип таштайт. Акын өзү айткандай:

«Арманга толо муң калды
Аз кыргызым окууга
Ак куржун толо ыр калды».

Ага кошумча акындын ырларынан акыл-ой мурастарынан таалим-тарбия алган муун калды.

Бүгүнкү күндө элибиздин каны-жанына сиңип, алардын сезиминин тереңинен орун алып, ар бир окурманга өтө жакын жана маданий мурастарыбыздын туу чокусу катары, эл акындарынын атасы деп эсептелип, жүргөн улуу акын, даанышман ойчул, насаатчы, элдик педагогиканы өз чыгармаларынын негизи катары туткан **Токтогулдун** (1864—1933) чыгармалары бүгүнкү күндөгү элдик педагогикабыздын негизги булактарынын бири катары кызмат кылат. Ал акын гана эмес залкар комузчу, жан сезимди козгогон обондорду жараткан белгилүү обончу да болгон.

Токтогул атайын мектеп ачып бала окутпаса да, кыргыздын бир нече акын-комузчуларын тарбиялап, алардын талантынын өөрчүшүнө, акындык устаттыгынын калыптанышына, көркөм сөздү, ырчылык өнөрдү ыйык тутуп, анын комузчу болуп калышына тикеден тике таасир эткен чыгаан устат, таланттуу тарбиячы, чебер окутуучу жана улуу педагог. Анын таалимин алып, элге атагы чыккан Тоголок Молдо, Калык, Алымкул, Эшмамбет, Коргоол, Барпы, Атай, Жаңыбай, Курман, Жолой, Сулайман, Акыш, Шекербек, Кулмамбет, Кулмырза сыяктуу

акын-комузчулар кыргыз элинин сыймыгы болуп, кийин акындын мурастарын жыйноодо зор көмөк көрсөтүштү.

Токтогулдун ырлары — турмуш мектеби. Музыкасы — өмүр кайрыктары. Токтогулдун кайсыл гана чыгармасын окубайлы — өмүр менен өлүмдүн, арзуу менен өксүүнүн, толуу менен кемүүнүн, жетиктик менен наадандыктын, айтор бул жашоонун бардык карама-каршылыгын туюнуп кирген кезде эсине келип, бозоргон чакта көзүң ачыла түшөт. Мына ушунун өзү элдик аң-сезимдин, элдик рухтун, элдик идеялардын чагылышы болуп саналат.

Акындын «Гүлдөп ал», «Түз жолуңдан чыкпагын», «Дүнүйө», «Аккан суу», «Насият», «Санат», «Үлгү ырлар», «Нускалуу ырлар», «Терме», «Эмне кызык» ж.б. ырлары өзүнчө бир элдик идеялар, элдик жорук-жосундар менен жуурулушуп, таалим-тарбия, акыл-насият, өнөр, билим, эмгекчилдик, жөнүндөгү чыгармалардын жыйнагы катары элдик педагогикабыз үчүн кызмат кылат. Акындын жан жыргатып, сезим козгоп, ички дүнүйөңдү эчен алакетке салып, рухуңду байытып өзүнүн «Миң кыялындай» миң түркүн кыялга батырып, дене балкытткат күүлөрчү.

Балдар үчүн чыгарылган аңгемелер менен ырлардан баштап, айтылуу «Манас» эпосуна чейинки фольклордук ар түрдүү жанрды, коом жана эл башынан өткөрүп жаткан тарыхый процесстерди жана олуттуу окуяларды, өз жеринин өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн, географиясы менен этнографиясын, элдин турмуш жагдайын, балдардын психологиясын мыкты билген, башка боордош элдердин тарыхы менен адабиятынан жакшы кабардар болгон; агартуучулук жана педагогикалык көз карашы бир топ деңгээлде калыптанган, аларды чыгармачылык менен өнүктүргөн, өз эли үчүн жандуу илимдердин энциклопедиясы болгон, даанышман ойдун ээси, атактуу жазгыч акын **Тоголок Молдо** 1860-жылы туулган. Акындын жогорку сапаттарынан сырткары элдик оозеки чыгармаларды жыйнап, аларга жаңы түс, жаңы өң берип кайра иштеп чыккан кыргыздын тунгуч фольклористи, улуу санжырачы, сөзмөр тилчи, астроном агартуучу, дарыгер, зоолог, биолог десек да жарашат. Ал гана турсун профессор Айдаркан Молдокулов Тоголок Молдону экономисттин көзү менен изилдеп, анын чыгармаларынан кыргыз элинин экономикалык чарба жүргүзүү ыкмасы боюнча баалуу маалыматтарды тапкан. «Эсиң болсо эчки бак, эчки тууйт үч улак» же «эчки тууйт эгизди, эки жылда сегизди» өңдүү чачылып жаткан саптарында бүгүнкү базар экономикасына шай келген, элибиздин турмушу канткенде оң

жолго түшөөрүн нускаган ойлор арбын экендигине токтолуп кеткен.

Акындын «Насыят», Өзгөрүш», «Кедейлерге насият» сыяктуу чыгармалары кыргыз адабиятынын гана эмес, улуттук педагогикабыздын да классикалык чыгармаларынан. Тарбия таалим берүү багытында жараткан балдр ырлары, тамсилдери, сатиралары «Кемчонтой», «Телибай тентек» сыяктуу сатиралык поэмалары, «Жер жана анын балдары» аттуу ыры бүгүнкү күндөгү кыргыз жаштары үчүн адеп -ахлактын көөнөрбөс мурасы катары кызмат кыла бермекчи.

Уккан жандын сезимин эргиткен, көңүлүн козгогон, адамды жашоого, сүйүүгө кумарланткан, достукка, боорукерликке, тазалыкка, эмгекчилдикке, ак ниеттикке, калыстыкка үндөгөн, ага шык берген чыгармаларды тартуулаган залкар акындарыбыздын бири — **Барпы Алыкулов** (1884—1949). Барпынын көз карашы боюнча коомдун өсүп-өнүгүшү жаш муундарга таалим-тарбия берүүгө, мүмкүн болушунча алар үйрөнүүгө, элдин тарыхын, ата-бабалардан келе жаткан салт-санаапы, наркнускаиы сактоого, адеп-ахлакты, ыйманды таза сактоого байланыштуу болот. Акын турмушту, жашоону түз сызык менен алга кетпейт, тынымсыз карама-каршылыктарга, ойдо-ылдыйга, толуп-төгүлүүгө дуушар болуп турат деген ойду айтат. Жашоо дайыма эле жакшылык, оюн-күлкү, тамаша эмес.

«Өмүр бар жерде ажал бар,
Жолдошуң болуп күн-түнү,
Жаныңда турат бул ажал.
Тамырында таркаган
Каныңда турат бул ажал»

же дүйнодогу кызыкчылык, кумар, кубаныч, трагедия бири бирине карама-каршы.

«Келеринде дүнүйө,
Көл мелтиреп толгондой
Кетеринде дүнүйө,
Көзүңдү чукуп ойгондой»

же

«Ааламда Ажал бар үчүн
Аман барын билебиз.
Ааламда адал бар үчүн
Арам барын билебиз.
Ак-каранын ичинде
Ар кыл өмүр сүробүз»,— деп дүнүйөнүн ошондуктан оош-кыйыш, оомал-төкмөл экенин айтат.

Акындын түшүнүгү боюнча дүйнөдө аңдап билбей, түшүнбөй турган эч нерсе жок. Ошондуктан ыр саптарында «Дареги

жок жер болбойт», өсүп өнбөгөн эч нерсе кездешпейт — «Оңбосу болбойт акылдын», өнүгүштү да кармап турууга мүмкүн эмес — «Токтоосу болбойт агындын» деген көз карашты билдирет.

«Күч», «От», «Аккан суу», «Адам» деген ырлары башка-башка болсо да алар өз ара бири-бири менен байланыштуу бир бүтүндүк, анда табийгат бири-бирисиз жашай албай тургандыгы материалисттик көз караштa сүрөттөлөт.

Акындын «Пионер», «Бала чак», «Мектеп жөнүндө ыр», «Биздин күч», «Бизде» деген ырлары тикеден-тике балдардын турмушуна арналып, алардын жашоо-турмушун сүрөттөйт.

Жогоруда аты аталбай калган Алдаш Молдо, Эсенаман, Нур Молдо, Жумамүдүн Молдо, Коргол, Калык, Ысак, Токторалы, Алымкул сыяктуу акындардын чыгармаларында да элдик педагогиканын идеялары ото жыш орун алган. Жаштарга тарбия берүүнүн маанисине жогорку баа беришип, өз доорундагы коомдук, саясий жана социалдык абал жөнүндө кеңири планда ырдап келишкен. Алардагы элдик педагогикалык идеяларды, көз караштарды талдоо, баа берүү келечектин иши болмокчу.

Жыйынтыктап айтканда, XIX кылымда жашап XX кылымда көзү өткөн жазгыч жана төкмө акындардын чыгармалары элдик педагогиканын чыныгы каймактары. Аларда элдин өткөндөгү тарыхы, жашоо тиричилиги, коомдук-саясий абалы, философиялык көз караштары, өзүн курчап турган чөйрө жана андагы ар кандай көрүнүштөр жөнүндө өз кудуреттерине жараша айтылган.

Эл акындарынын чыгармаларындагы элдик идеялардын, салт-санаанын, үрп-адаттын, аталардан мураска калып келе жаткан жүрүш-туруш эрежелеринин, алардагы дүйнө таанытуу чулук көз караштардын берилишинин кандай деңгээлде, канчалык даражада экендигин иликтөө, аларга илимий-педагогиканын деңгээлинде талдоо жүргүзүү жана тиешелүү жыйынтыкка келүү келечектеги окумуштуулардын кечиктирилгис милдеттери экендигин бүгүнкү турмуш далилдеп көрсөтүүдө.

IV. Элибиздин өткөн тарыхын, маданиятын көп кылымдардан берки салт-санаасын, эстетикалык касиети жогору өнүккөн көркөм дүйнөсүн үйрөнүүдө **кыргыз обондорун жана музыкалык аспаптарын** үйрөнүү зор мааниге ээ. Ар кандай күү, обон сөзсүз түрдө адамдын сезимин козгоп, жан дүйнөсүн балкытып, өзүнчө бир ажайып дүйнөгө баштап кете тургандыгы анык. Алардагы тарбия, таалим берүүчүлүк, адамды көркөм дүйнөгө жетелеп кетүүчүлүк, өзүнүн керемет ааламында сезимдин ички кылдарын күүгө келтирип, жан дүйнөгө таасир этүү-

сү сөзсүз түрдө элдик педагогиканын негизги булактарынан боло тургандыгына далил боло алат.

Кыргыз Ала-Тоосу канчалык бийик, канчалык шандуу, талаа түздөрү канчалык кенен болсо, анын асыл адамдарынын жараткан күүлөрү менен ырлары ошончолук терең, ошончолук бааа жеткис.

«Сынган бугу», «Насыйкат», «Миң кыял», «Кыргыз кочу», «Тогуз кайрык», «Сариижи-Бөкөй», «Солтон Сары» сыяктуу күүлөрдө не деген тарых, канчалаган адамдардын тагдырлары, элдин көркөм дүйнөсү, ата-бабаларыбыздын сөз менен айта албаган, ой-максаттары, үмүт-тилектери сыйдырылбаган. Бул күүлөрдү укканда үйдөбү, ооруканадабы, талаадабы, жолдобу, сапардабы, иштеби, кайсы гана жерде болбойлу дем балкып, өзүнчө бир сырдуу дүйнөгө тартылып, маашырланып, дене-бой балкып угабыз. Музыканын сыйкырдуу дүйнөсүнө аргасыздан тартылабыз.

Орто кылымдын көрүнүктүү философу, акыны, чечени, чыгаан табып-дарыгери Абу-Али-ибн-Сина: «Ыр, күүнүн дарылык касиети бар»,— деп айткан.

Ыр, күү балким мындан миңдеген жылдар мурда жаралып, ошондон бери элдин каны-жанына сиңип, тамырлап кеткендир. Ошондуктан күүлөрдүн, обондордун таасири адам баласы үчүн күчтүү болуп калгандыр. Ошондуктан ал күүлөр адамдардын жан-дүйнөсүн кубанычка батырып, балкытса, кээде жүрөк түпкүрүндөгү сезимди, кылымдардан бери сакталып келе жаткан муңду козгоп, адамды алда кандай сезимге батырат. Кантсе да, күүлөр тарыхы бабалар тарыхы, күүлөр турмушу бабалар турмушу. Аларда элибиздин эчен кылымдардан бери келе жаткан кайгы-кубанычы, оюн-күлкүсү, жашоо тиричилиги, муң-зары, ааштан өткөргөн тарыхый окуялары камтылган.

Күүлөрдү жаратуучулар калайык калктан чыккан таланттуу адамдар, Айлана-чөйрөдөгү болуп жаткан окуяларды, кубулуштарды, өзгөрүштөрдү жан дили менен сезе, туя алган адамдар гана ошондой чыгармаларды жаратууга кудурети жетет. Ошондой адамдар жараткан чыгармалар гана калайык-калктын сезимин козгоп, алардын сүйүктүү чыгармасына айлана алат. Кыргыздарда андай адамдар өтө көп өткөн. Алардын жараткан ыр күүлөрү да сансыз. Алардын жараткандары атадан-балага, муундан-муунга өтүп олтуруп, аны алгачкы жараткан адамдардын ысымдары унутулуп, элдик чыгарма болуп калган учурлар да көп кездешет.

Кыргыздарда кылымдардан бери келе жаткан күүлөрдү муундан-муунга өткөрүп, сактап келе жаткан адамдар элдик комузчулар. Элибиздин тарыхында белгилүү комузчулар Кет-

бука, Камбар, Токтогул, Күрөнкой, Музооке, Жантакбай, Муратаалы, Карамолдо, Ниязалы, Чалагыз, Ыбырай, Калык, Алымкул, Адамкалый, Асанбек, Асылбек, Самара, Болуш, Саадабай, Пакирдин, Нышан, Шакен, Мырсаалы, Курбанаалы сыяктуу комузчу — обончулар элибиздеги күү тарыхынын залкарлары. Мындан сырткары Кулмат, Күрөнкой, Саит, Эргеш, Дыйканбай, Жали, Маамыт, Кошаалы сыяктуу кыякчылар кыяк өнөрүн сактап, кийинки муундарга сактап калуучулар болуп саналат.

Элибизде жел өткөрүүчү чоорчулар, сурнайчылар да кездешкен. Алардын көрүнүктүү өкүлдөрү Тайкожо, Жармат, Сагыналылар.

Кийинки мезгилде эл арасында комуз, күүсүнө, анын маанисине болгон кызыгуу төмөндөп бара жаткандай сезилет. Ал гана турсун обондуу ырлар да башка музыкалык аспаптар менен коштолуп, улуттук аспаптар кийинки планга сүрүлүп калууда. Айрыкча азыркы мезгилдеги жаштардын музыкалык табити батыш мамлекеттеринин ызы-чуулуу музыкаларына ылайыкташып кеткендей. Айрым жаштар кыргыздын кандай күүлөрү, комузчулары бар экенини билишпейт, бирок сөзүн түшүнөөсо да чет элдин дүгүрөк, ызы-чуу коштоп, жарым жылаңачтар былкылдап, шылкылдап, бакырып-өкүрүп ырдап, жаткан музыканын ыргактарын түшүнгөндөй болот. Алардын үн жазгыч тасмалары жазып алгандары да ошол музыкалар. Ал эми комуз, кыяк, чоор күүлөрү алардын түшүнө да кирбейт. Кыргыздын кандай музыкалык аспаптары бар экендигин кийинки мезгилде музыка изилдөөчүлөр гана толук билбесе, мен-билим дүүмүн дегендерибиз үч-төрт гана аспаптын атын билебиз, калгандары унутулуп бара жаткандай.

Кылымдардан бери келе жаткан күүлөрүбүздүн маанисин, анын маданий турмушубуздагы ролун жаштарга жеткирүү үчүн музыкалык тарбия, билим берүү маселеси кийинки мезгилде али чечиле элек проблема боюнча калууда. Ушул максатта элдик күүлөрдү, ырларды эл арасында кеңири жайылтуу азыркы күндөгү зарыл чаралардын бири. Ошондуктан мектептерде башка элдердин, улуттардын музыкаларын, обон-күүлөрүн окутуунун ордуна өз улутубуздун музыкалык чыгармаларын окутуп-үйрөтүүгө убакыт жетти.

Кыргыз күүлөрү жөнүндө сөз болгондо Муратаалы, Карамолдо, Токтогул, Ыбырай, Атай, Шекербек, Эркесары сыяктуу комузчулар, алардын күүлөрү, күүлөрүнүн тарыхы жөнүндө айтуу менен гана чектелбестен, ошол залкарлар жараткан күүлөрдү башка элдердин композиторлору жараткан ар кандай чыгармалар менен салыштырып кароо озүнүн жакшы натыйжа-

ларын берер эле. Алсак, Токтогулдун «Тогуз кайрык», «Мин кыял», «Кербез», «Кыз ойготор» ж. б. күүлөрү, «Алымкан», «Карылык», «Дүнүйө» ж. б. обондору чет элдик композиторлордун чыгармаларынан кемби? Эмне себептен алардын чыгармаларын алдыңкы планга коёбуз да, өзүбүздүн обон-күүлөрүбүздү артка түртөбүз? «Сыпган бугу» менен «Насыйкатты», «Маш ботой» менен «Ибаратты», «Жаш тилек» менен «Ооганды», «Саадак какты» менен «Кыргыз көчүн» жараткан кыргыз комузчулары азыркы эстрададан кемби? Же алар кат билип, өз чыгармаларын кагаз бетине түшүрө албай калгандыгы үчүн күнөөлүбү? Эмне себептен биз профессионалдык музыкага же чет элдик ызы-чууга толгон музыкага кызыгабыз, аларды окуп үйрөнөбүз, басма беттеринде ошол авторлор, аларды аткарган аткаруучулар жөнүндө соз кылабыз да кыргыздын комузчулары, кыл кыякчылары, чорочулары, темир комузчулары жөнүндө өтө сейрек жазабыз?

Атай, Муса, Мыскал, Жапар, Бектемир, Гүлжан сыяктуу чебер аткаруучуларыбыздын аткарган ырлары, ал ырларды ырдоодогу чеберчилиги, үндөрүнүн укмуштай жагымдуулугу укkан адамды кайдыгер калтырбайт. Ар биринин өзүнө гана таандык аткаруучулук черберчилги, өзүнө гана таандык, кайра кайталангыс обондору жаштардын рухий маданиятын, искусство, анын адам турмушундагы маанисин түшүнүүдө укмуштай зор курал катары кызмат кылмакчы.

Музыкалык аспаптардын (өз элибиздин) аттарын билүү, алардын эч болбосо бирөөндө ойноону максат кылуу жаштарыбыздын музыкага карата болгон кызыгуусун арттырат, аны сүйүп угууга, анын маанисин түшүнүүгө көмөк берет.

Комуз, кылкыяк, темир ооз комуз, жыгач ооз комуз, чоор сурнай деген аспаптарды угуп, көрүп жүрөбүз, ал эми аса-муса, жылаажын, доол, камыш, тарак, жалбырак камыш, зуулдак, чымылдак, сыбызгы, чыңырткы, барылдак, жексал сыяктуу музыкалык аспаптардын үндөрүн улуттук аспаптык оркестр аткарган чыгармалардан угуп жүрсөк да, алардын аттарын, түрү, түсү кандай экендигин билбейбиз.

Мына ушул жогоруда айтылгандардын өзү мектептерде, окуу жайларында музыкалык билим берүүнүн сапатын, түрүн өзгөртүү маселесин талап кылат. Ал өтө зарыл. Жаштардын музыкалык табитин, туюу-сезимин, түшүнүгүн жогорулатууда элдик күүлөр менен обондорго чоң роль таандык. Ар бир күүдө белгилүү бир ой, идея, окуя берилет. Тарыхый бир чындыктын комузчунун же музыка жаратуучунун кыялында кооздолуп, көркөмдөлүп, музыкалык өзгөчө бир үндөр аркылуу чагылдырылышы, сүрөттөлүшү.

Жыйынтыктап айтканда кыргыздын жан жыргатып, дене балкыткан күүлөрү менен сезим козгогон мукам ырлары элдик педагогиканын негизги булактарынын бири болуп, кылымдарга чейин кызмат кыла берери анык.

V. Кыргыз эли өз жашоо тарыхында эчен дооронду, мезгилдерди башынан өткөрдү. Ал мезгилдерде эчендеген ички жана сырткы душмандардан эли-жерин коргоду. Далай табийгаттын кырсыктарына каршы күрөштү. Ошол эле мезгилде өзүнүн биримдигин, үрп-адатын, салт-санаасын, кылымдардан бери келе жаткан рухий маданиятынын үлгүлөрүн сактап келди. Жогоруда айтылгандай эчен мукам ыр-күүлөр, макал-лакаптар, жомоктор, залкар эпостор, кол өнөрчүлүктүн сандаган түрү аздектелип сакталып атадан балага, муундан-муунга өтүп олтуруп бүгүнкү күнгө келип жетти.

Аттын кулагы менен тең ойноп, шамалдай болуп улам бир жерден экинчи жерге көчүп жүргөн жоокер элдин, өзүнүн улуттук мүнөзүнө, жашоо-шартына жараша ар кандай кыймылдуу оюндарды ойлоп табышкан. Ал оюндар бүгүнкү күнгө чейин келип жетти. Ал оюндарда элдин ой-тилеги, үмүтү, кубанычы, эркиндик-теңдикке карата умтулуусу, адилеттик үчүн болгон күрөшүүнүн мазмуну, үлгүсү камтылган. Ата Мекенди коргоого, чыдамкайлыкка, шамдагайлыкка, туруктуулукка тарбиялоодо жана ден соолугу чың жаштарды өстүрүүдө улуттук оюндардын мааниси өтө зор. Демек, улуттук оюндар элдик педагогиканын соолугус булактарынын бири экендиги талашсыз. Улуттук оюндар муундан-муунга өтүп олтуруп, ар кандай өзгөрүүлөргө, алымча-кошумчаларга дуушар болсо да, элибиз канчалык сабатсыз, көчмөн болсо да калың калктын унутулгус, көөнөргүс мурасы катарында келечек муундарга, бизге чейин сакталып келди. Кийинки мезгилде улуттук оюндар жаңыча формага, жаңыча мазмунга, жаңыча түргө ээ болду. Ушул улуттук оюндардын негизинде гана кыргыздын спорттук оюндары пайда болду. Айрым оюндар акыл-эстүү, маданияттуу адамдардын ач-сезимине туура келбегендиктен ойнолуудан калып калды. Алсак «Төө чечмей», «Жылаңач баатыр», «Баш таңмай», «Эр сайыш» сыяктуу оюндар адамдын намыс-арына, инсандык касиетине, өмүрүнө доо кетирип, коркунуч келтиргендиктен колдонуудан чыкты.

Улуттук оюндар элдик маданий дөөлөттөрдүн ажырагыс бир бөлүгүнө айлангандан кийин, жаштарды дене түзүлүшү жактан жеткилең кылып тарбиялоодо, кооздукка, сулуулукка жеткирүүдө негизги курал-кыймылдуу оюндар, ыр-күүлөр, санат санжыралар, жаңылмачтар, табышмактар эсептелет.

Оюндарды өткөрүүдө оюнчулардын жаш өзгөчөлүктөрү, да-

ярдыгы, жыныcы, оюнда колдонулуучу куралдары жана оюн өткөрүлүүчү орун, жай, шарт эске алынууга тийиш. Ушулар толук эске алынганда гана оюнда калыстык болот.

Жашаган жерибиз, сүйлөгөн тилибиз, турмуштук жашоо шартыбыз окшош же жакын болгондуктан Орто Азия жана Казахстанда жашаган элдердин айрым оюндары бирдей, окшош же негизги элементтери жагынан бири — бирине жакын. Улуттук оюндар ар кандай эл аралык жана улуттук майрамдарда, шаңдуу күндөрдө, аш-тойлордо, Нооруз майрамында, атайын мелдештерде же ар кандай кружоктордо ойноло берет. Аны каалоолор боюнча ар кандай шартта, мезгилде оюнчулардын саны жетиштүү болсо өткөрө берүүгө болот.

Элдик оюндарды ойноо жана үйрөнүү максатка жараша төмөндөгүдөй төрт максатта жүргүзүлүүсү керек:

1. Дене соолукту чыңдоо максаты
2. Ошол оюнду үйрөнүү максаты
3. Тарбиялык максаты
4. Мелдеште атаандашты жеңип чыгуу максаты

Улуттук оюндарды аткарылыш ордуна, шартына, мүнөзүнө, максатына карай төмөндөгүдөй чоң топторго бөлүүгө болот:

1. Басып жүрүп ойнолуучу оюндар,
3. Аспаптарды, куралдарды атып, таштап, ыргытып, чертип ойнолуучу оюндар.
4. Кар же муз үстүндө жылгаяк тээп ойнолуучу оюндар,
5. Боортоктоп жылып, жармашып чыгып, тоскоолдуктардан өтүп ойнолуучу оюндар,
6. Тең салмакты сактап ойнолуучу оюндар.
7. Уруп жана тээп ойнолуучу оюндар,
8. Оордуктарды көтөрүп ойнолуучу оюндар,
9. Жекеме жеке чыгып ойнолуучу оюндар,
10. Сүзүп же суу ичинде ойнолуучу оюндар,
11. Ат үстүндө ойнолуучу оюндар,
12. Эриккенде ойнолуучу оюндар,
13. Сөз менен ойнолуучу оюндар,
14. Эмгек үстүндөгү жана ырым-жырым оюндары,
15. Өнөрго байланыштуу оюндар,
16. Денени чыңдоочу оюндар,
17. Аң уулоону тууроочу оюндар.

Улуттук оюндардын элдик педагогикадан орун алышынын дагы бир мааниси жаштарды коллективдүүлүккө кызыктуулукка, машыктыруучулукка үйрөткөндүгү болуп саналат.

VI. Кылымдардан бери муундан-муунга, атадан балага өтүп, тарбиялоонун, жаштарды турмушка даярдоонун, адеп-ахлакка,

жакшы нерселерге багыт берүүгө, улууну урматтап, кичүүнү сыйлап, ата-энени ыйык тутууга тиндеген тике каражат болуп келген коомдук көрүнүштөрдүн дагы бири **элдик каада-салттар**. Улуттук каада-салт элдик педагогиканын өнүгүшүндө, анын мындан ары илимий педагогика менен жуурулушуп, өзүбүздүн пакта кыргыздын улуттук педагогикабыздын калыптанышында маанилүү роль ойнору шексиз.

«Салт» деген сөзгө «Кыргыз энциклопоедиясында» төмөндөгүдөй аныктама берилет: «Салт-укумдан тукумга өтүп, кандайдыр бир коомдук топто узак убакыт сакталуучу коомдук жана маданий мурас элементтери; белгилүү бир коомдук тартип, жүрүм-турум эрежелери, дөөлөттөр, идеялар, каадалар, адаттар (КСЭ. Фрунзе. 1980-ж. 228-бет).

Салттар, үрп-адаттар жана каадалар бири-бирин толуктап турган түшүнүктөр. Алар бири биринен принципиалдуу түрдө айырмаланбайт. Анткени алар адамдардын бул же тигил окуяларына карата уюшулган жүрүш-туруш нормаларынын, белгилүү бир тартиптин көрсөткүчү болуп саналат. Ал эми үрп-адаттар деп, диний ырым-жырымдар, ата-бабадан бери келе жаткан турмуш-тиричиликке, күндөлүк жашоо турмушунда колдонулуп келе жаткан тартиптердин системасы болуп саналат. Аларга курман айт, орозо айт, козу телүү, түйнөктөө, аластоо, ысырык салуу, дамбыр таш кагуу ж. б. атоого болот.

Каада — бул салттардын, үрп-адаттардын компоненти болуп саналат. Ар кандай салттар, үрп-адаттар белгилүү бир каадалардан, башкача айтканда, тартиптерден турат. Алсак, мейман-достук кыргыз элинин орчундуу салттарынан болуп саналат. Ал эми мейман күтүүдө, кыз берүүдө, куда сөөккө катышууда ар түрдүү каадалар колдонулат. Мисалы, конок каадасы, кыз каадасы, куда каадасы сыяктуу сый, урмат көрсөтүүнүн нормаларын каада деп түшүнсөк болот. Алар салттарды толуктап туруучу нормалар болуп эсептелет.

Бүгүнкү элибиздин өз алдынча эл болуп, өзүнүн ким экендигин таанып, өзүнүн өткөндөн калган жакшы мурастарын 70 жылдын ичинде жээрип жүрүп көпчүлүгүн эстен чыгарып «ары барып Чүйдө өлбөй, бери келип үйдө өлбөй», «ач бел, ара жолдо» турган мезгилинде аларды кайра калк арасынан жыйноо, изилдөө, үйрөнүү жана аны жаштарды тарбиялоодо пайдалануу бүгүнкү күндөгү элдик педагогикабыздын эң көйгөйлүү маселелеринен болууда. Каада-салт гана эмес турмушубузда колдонуп келген сөздөр, аталыштар, терминдерди так колдонбостон орус тилинен кирген сөздөр менен терминдерди колдонуп калбадыкпы. Бүгүнкү күндөгү 40 жашка чейинкилердин боз үйдүн жабдууларын, ат жабдыктарынын аталыштарын, кой-эчки-

лердин жаштарын, мүнүшкөрдүккө байланыштуу терминдерди, кыргыздын кыргыз болуп калышы үчүн жан үрөп аракеттенген инсандарды билишине алардын өмүр таржымалы менен таанып экендигине ким кепил боло алат. Кыргыздын көчмөн турмушу менен тааныш, дайыма көчүп-конуп жүргөн айрым малчы-чабандар, илим менен аракеттенген илимпоздор, кыргыз тилинен сабак берген тилчи мугалимдер гана толук билип чечмелеп бербесе, башкалардын аларды билиши күмөн. Билсе да, түшүнсө да жарым жартылай же караманча түшүнүгү жок.

Кийинки мезгилдерде аш-тойлордо, маркумду узаткан жерде же кыз алып, кыз берген мааракелерде элдик салт, байыртан бери келе жаткан каадалар бир топ өзгөрүлүп бара жаткандай. Ошондуктан каада-салтыбызды, үрп-адатыбызды, байыртан келе жаткан жөрөлгөлөрүбүздү иреттеп, аны калың элдин алдына кайра сунуу азыркы эң зарыл маселелердин бири. Ага тез аранын ичинде киришип, каада-салттардын, үрп-адаттардын, жөрөлгөлөрдүн тарбиялык маанисин ачып, оң-терс жактарын талдап берүү этнографтардын, илимпоздордун жана жалпы эле бүгүнкү күндөгү ар бир кыргыз атуулунун кечиктирилгис инсандык парзы. Андай кылбасак биз эртеңки күндүн инсандарын, элибиздин келечеги болгон жаш муундарын кайсы салттарга, үрп-адаттарга, жөрөлгөлөрөгө тарбиялайбыз. Ушул жагдайдан алып караганда азыркы мезгилде айыл мектептериндеги мугалимдер бир топ иштерди бүтүрүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар. Анткени алар ошол каада-салттардын чордону болгон — айылдарда турушат, ар кандай аш-тойлорго, мааракелерге катышышат, карыялар менен аңгемелешишет. Ошолорду жыйнап, мүмкүнчүлүгүнүн болушунча аракет кылса бир топ нйгиликтер жаралар эле.

Ушул максатта биз колдон келишинче каада-салттарды жыйноого, аны мазмунуна, маанисине жана аткарылуу шартына карай төмөндөгүдөй кылып бөлүштүрдүк:

1. Балага карата колдонулуучу каада-салттар:
    1. Киндик кесүү
    2. Кириптүү
    3. Ооздандыруу
    4. Азан чакырып ат коюу
    5. Бешикке салуу
    6. Карын чачын алуу
    7. Бешик той берүү
    8. Мүшөктөө
    9. Тушоо кесүү
    10. Окууга берүү
    11. Сүннөткө отургузуу

12. Үйлөндүрүү
13. Үй-жай салып, болуп чыгаруу.

2. Келин алуу же кыз узатуудагы каада-салттар:
1. Жуучу жиберүү
2. Кудалашуу
3. Жыгач түшүрүү
4. Кийит кийгизүү
5. Күйөө келүү
7. Жеңгетай берүү
7. Оюн салуу
8. Жүз көрүштүрүү
9. Коюнга салар
10. Куржун сөгүү
11. Түндүк көтөрүү
12. Жылкычылык
13. Кыз ойнотор
14. Төшөк талашуу
15. Күйөө, кызды жашыруу
16. Тогуз табак берүү
17. Сеп көрсөтүү
18. Кыз кыңшылатуу
19. Жеңесинин көрүшүүсү
20. Энесинин көрүшүүсү
21. Ак чачуу
22. Баяндос салуу
23. Көрүндүк берүү
24. Жол тосомой
25. Кемпир өлдү
26. Сеп жүктөө ж. б.

3. Майрамдык же оюн-шооктуу каада-салттар:
1. Нооруз
2. Айт
3. Курман айт
4. Кадтар
5. Үлүш
6. Сармерден
7. Жоро-бозо берүү
8. Ашар
9. Күмүш той
10. Алтын той
11. Мүчөл белгилөө
12. Туулган күндү белгилөө
13. Той берүү.

4. Күндөлүк турмуштагы каада-салттар:

1. Улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо
2. Улууга каяша айтпоо
3. Аялды ардактоо, ыйык тутуу
4. Жети атаны билүү
5. Ата-энени сыйлоо
6. Мейманды сыйлоо, ызаттоо
7. Ашар өткөрүү же ашарга баруу
8. Элчиликтен чыкпоо
9. Уруз аш берүү
10. Өрлүктөө
11. Баш тартмай
12. Таш коймой же пайдубал котөрүү
13. Кары көтөрмөй
14. Конуш майлоо
15. Ажыраш-аяк берүү ж. б.

5. Маркумду узатуудагы каада-салттар:

1. Ыйман айтуу. Дене муздаганга чейин көзүн жумдуруу, боюн-башын түздөө, ээгин, бутун байлоо. Андан кийин дене муздаганча тийбөө, майрам сууга алуу.
2. Өкүрүү, кошок кошуу
3. Сөөктү жуудуруу
4. Кепин бычуу, кепиндөө
5. Мүчө берүү
6. Жыртыш берүү
7. Жаназа түшүрүү (доорон окутуу)
8. Сөөктү коюу
9. Кара кийүү, аза күтүү
10. Кара ашын берүү
11. Үчүлүгүн өткөрүү
12. Жетилигин өткөрүү
13. Кырк ашы
14. Айтын берүү
15. Ашын берүү
16. Азасын алуу ж. б.

Мындан сырткары ырым-жырымдар, элдик эрежелер, жоролголор бар, бирок алар ар түдүү жана айырмалуу болушу мүмкүн. Алардын да өз алдынча таалим-тарбия берүүчү жагы бар. Эгерде кандайдыр бир пайдасы, жакшы жагы болбосо, эл бүгүнкү күнгө чейин сактап келбес эле. Аларда жүрүш-туруш адеп-ахлак, тазалык, этияттык, мейманчылык сыяктуу ойлор, идеялар берилет. Ушул жагдайда эл арасынан ушул сыяктуу ырым-жырымдарды жыйнап көрсөк азырынча эки жүздөн ашуун болду. Ошолордун айрымдарын мисал катарында келтире кетели:

1. Бирөөнүн көзүнчө тырмак алба. Тырмакты алгандан соң тебелендиге таштаба.
2. Күл дөбөнү тепсебе.
3. Улуулардын сөзүн бөлбө.
4. Акты төкпө
5. Тандырга нан калтырба.
6. Кыз бала ышкырбайт.
7. Ар дайым саламыңдан жазба.
8. Улуу кишинин алдынан өтпө.
9. Жаагыңды таянба
10. Арыктагы сууга түкүрбө.
11. Баш кийимди сатпа
12. Бешикти өбөктөбө
13. Азиз жерге даарат ушатпа
14. Карагыда ак сураба.
15. Дасторконду аттаба.
16. Босогого отурба
17. Эркектин кийимин аттаба.
18. Нанды бир колуң менен сындырба.
19. Малды теппе
20. Бычакты кырынан, мизинен койбо ж. б.

Ушу сыяктуу ырымдар, ар кандай акыл-насаат сөздөрдө кандай гана жөнөкөй, ошол эле мезгилде терең ой, терең тарбиялык маани жатпайт.

Ал эми калк арасындагы ырым-жырымга байланыштуу айтымдар канча. Аларда каалоо-тилек, ниет кылуу сыяктуу идеялар терең жана даана айтылат. Алсак. «Козу телүүдөгү» айтымда:

Тшой-тшой-тшой коюм
Өз балаңды жерисең
Өз башыңа көрүнсүн
Өзөрүп балаң өлбөсүн
Өзгөчө маарап мемиреп
Ачкадан балаң өлбөсүн
Чоңойсо балаң кой болор
Козудан өтсө ирик болор
Ирик болуп, базар сатылса
Кочушка тенге жык толор
Эчкиге барып жабышса,
Энеси жок өндөнүп
Түркстанда түмөн курт
Туруп барып айдармын

Курттун жолун байлармын,— деп, кара курт чаккандагы дарымда айтылса,

«Көч, көч бадик, көчүрөйүн
Бадик болгон атыңды сүчүрөйүн
Бийик, бийик, бийикке көч
Бийик отун оттогон кийикке көч»,— деп «Бадикте» айтылат. «Бадик» айтуучунун талантына, жөндөмүнө жараша узакка айтылат.

Жыйынтыктап айтканда каада-салт, үрп-адат жана жөрөлгөлөр элдик педагогиканын түгөнгүс булактарынын бири экендиги талашсыз көрүнүш. Буга байыркы мезгилде ата-бабаларыбыз салт, болгондо да ыйык салт катарында колдонулуп келген, кийин колдонуудан чыгып калган «Үч сөз жырымы» айкын мисал боло алат. Боз улан бой жеткенден кийин өз уруусунун аксакалдарынын, уруу башчыларынын алдында ант берген. Карыялар үч сөз жырымын айтып, бата беришкен. Жигит ошондон кийин гана ошол уруунун, тукумдун же элдин чыныгы мүчөсү болгон. Ошол ант берген өз уруусу же эли үчүн каны-жанын аябай, ак ниети, жан дили менен ак кызмат өтөгөн. Элди жоодон коргогон. Өз элинин намыс-ары үчүн эч нерседен кайра тарткан эмес. Ушул үч сөз жырымы менен анттын текстин карыя жазуучубуз Т. Сыдыкбеков көп айтат, бирок ага көңүл бургандар аз.

АНТ

«Мен, ушул уруунун баласы, «Үч сөз» талабын унутсам, мени журттун тузу урсун! Мени арам тукум катарында араңардан бөлүп, сатсаңар кул болоюн, өлтүрсөңөр кунсуз болоюн! О, тузу ыйык журтум, силерге кулдук! Кулдук! Кулдук!

«Үч сөз» талабы жырымы:

1. Өз ата-энесине урмат көрсөтпөгөн баланы эненин ак сүтү, атанын акиси урсун;

2. Жалпы улууну урматтабаган баланы журттун тузу урсун;

3. Бабанын арбагын унуткан тукум тексиз жеке калып, тентип, кул болуп өтсүн!»

Не деген керемет, денени титиретип жүрөккө сайыла турган сөз! Ушул сөздөргө түшүнүк, кошумча кошууга болобу? Эр жигиттин сезимине кадалган, жүрөгүнө мөөр болуп басылган сөздөр.

Мына, ата-бабабыздын чыныгы тарбиясы! Мына, элдик педагогиканын натыйжасы, чыгарган жыйынтыгы, койгон талабы. Мындан ашкан тарбия, талап жок.

VII. Эчен кылымдардан бери Ислам дининдеги мусулман

пенделеринин сезиминде уялап, үммөттөрүнө акыл-насаат болуп келген **Мухаммед пайгамбардын хадистери** да элдик педагогиканын негизги булактарынан боло тургандыгы талашсыз. Анткени, хадистин ар бир сөзүндө адамдарды жөнөкөйлүккө, боорукердикке, кечиримдүүлүккө, ак ниеттикке, чынчылдыкка, карапайымдыкка, жоомарттыкка, мээримдүүлүккө жана илим-билим үйрөнүүгө үндөгөн саптар, сүйлөмдөр кездешет.

Ислам дини жана анын закондору үч бөлүктөн турат:

1. Хадистер — Мухаммед пайгамбардын айткандарынан
2. Сүннөт — ыйык каадалар.
3. Шарият — «буйрук жолу»

Ушулардын ичинен элдик педагогикага тикеден-тике тиешеси бар, ага булак болуп бере ала турган бөлүм — хадистер.

Хадистеги айтылган ойлор жалаң гана диний пикирлер деп бүгүнкү күнгө чейин аны жээрип, тарбиялык маанисин жокко чыгарып келген көз караштарды тууроо, ал көз караштардын жолун жолдоонун өзү туура эмес көз караш болуп саналат. Хадистердеги чыныгы тарбиялык мааниде айтылган идеяларды «элдик жарчы» болуп келген партиялык басма сөз, үналгы менен сыналгы да аткара алган жок го. Коммунисттик партия Ислам динин биротоло жок кыла алган жок го. Ал эми канчалык жамандабасын, догма дебесин хадистердин элдик педагогикага пайдасы зор. Хадистерден айрым үзүндүлөрдү мисал катарында көрсөтө кетели.

Кимде ким бирөөнүн айыбын таап, анын үстүнөн күлгөн болсо, өзү да ошол айыпка батмайынча дүйнөдөн өтпөйт.

Бир саат илим үйрөнүү, бир түн бою сыйынгандан артык, бир күн сабак алыш, үч ай напил орозо тутканда артык.

Турмушта көп жацылышкан, көп тажрыйба топтогон кишилер гана жоош жана жумшак болушат.

Үч күндөн ашык араздашып жүрүү исламда жок.

Жаш кезде алынган билим ташка оюлган оюм сыяктуу.

Бейтапты көрүп келүү үчүн жолдо бараткан адам озу жаннаттын бактарында жүрөм деп эсептей берсин.

Адамдын жаманы — өзүнүн аялына бакылдык жана кызганчаактык кыла тургандар.

Момун кишини акаарат кылган кишинин өзү балакетке учурайт.

Адал ырыскы табуу — ар бир момун үчүн милдет.

Адамдар менен жагымдуу мамиледе болуңуздар. Аларга оройлук менен катуу сүйлөбөңүздөр.

Кимде ким сарамжалдуу, үнөмдүү болсо эч качан жакырчылыкка түшпөйт.

Создүн апааты — калп.

Арам менен жашаган ар бир дене тозокко ылайык ж. б.

Жогорудагы келтирилген мисалдар чыныгы тарбиянын булагы. Бул хадистердин экинчи бир таасирдүүлүгү — анын инсандарга тез жетүүсү.

Жыйынтыктап айтканда хадистер элдик педагогиканын негизги булактары катары кызмат өтөйт.

Элдик подагогиканын булактарына көркөм адабият (азыркы мезгилдеги) элдик кол өнөрчүлүк, элдик накыл сөздөр, элибиздеги тарыхый инсандар жана алардын өмүр таржымалдары, мифтер, болмуштар, легендалар, калптар ж. б. да кошулат.

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. «Кыргыздар». Бишкек. «Кыргызстан» 1991-ж.
2. Актан Тыныбек уулу «Актан». Бишкек «Адабият» 1991.
3. З. Бектенов, Т. Байжиев «Кыргыз адабияты» орто мектептер үчүн хрестоматия, Бишкек «Мектеп» 1993-ж.
4. С. Субаналиев «Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары» Фрунзе «Адабият» 1991.
5. М. Сулайманов «Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы» Ош 1992-ж.
6. Токтогул 1 том. Фрунзе «Адабият» 1989.
7. Буудайбек Сабыр уулу «Эл шайырлары» Фрунзе «Мектеп» 1980-ж.
8. Б. Алагушов «Кыргыз композиторлору» Кыргыз окуу-педагогика басмасы, Фрунзе 1964.
9. Кыргыз макал-лакаптары., Фрунзе «Мектеп», 1979.
10. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги эл ырлары., Фрунзе «Кыргызстан» 1974.
11. Б. У. Урстанбеков, Т. К. Чороев «Кыргыз тарыхы» сөздүк, «Кыргыз совет энциклопедиясы» басмасы, Фрунзе 1990-ж.
12. Эл ырчылары., Фрунзе «Кыргызстан» 1981.
13. Бекембай Апышев «Педагогика». Ош. 1993.
14. «Ой гүлдөрү». Бишкек. «Адабият» 1991.
15. Р. Рахманова «Советтик үй-бүлөдөгү жаңы салттар» Фрунзе «Кыргызстан» 1976.
16. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы», «Илим» КИ «Табылга» Бишкек 1993.
17. КСЭ 5-том. Фрунзе 1980.
18. Жээнбай Мукамбаев «Эл ичи — өнөр кенчи» Фрунзе «Адабият» 1990.
19. Х. Анаркулов «Кыргыз эл адабияты» Бишкек «Кыргызстан 1991.
20. С. Токторбаев «Өспүрүмдөр оюндары». КСЭ басмасы Бишкек 1991.
21. Т. Сыдыкбеков «Мезгил сабактары» Фрунзе «Кыргызстан» 1982-ж.
22. Т. Сыдыкбеков «Табылга» Бишкек «Адабият» 1991.
23. «Мурас» Фрунзе «Кыргызстан» 1990.
24. Ж. Шериев, А. Муратов «Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү», Фрунзе «Мектеп» 1987.
25. А. Үсөнбаев «Турмуштук жөө жомоктор», Фрунзе «Мектеп» 1976.
26. А. Табалдиев «Октябрга эстелик». Фрунзе «Кыргызстан» 1979.
27. Жеңижок Фрунзе «Кыргызстан» 1982.
28. «Манас» Фрунзе «Кыргызмамбас» 1959.
29. «Семетей» Фрунзе «Кыргызмамбас» 1959.

ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН БУЛАКТАРЫ

Сейдалиев Кошмамат

Редактору	**Пайзилда Ирисов** Ош МУнун доценти
Рецензенттер:	**Бекенбай Апыш** Ош МУнун доценти **Турдумамат Качыкеев** Ош МУнун доценти
Көркөмдөгөн:	**Акуш Асанбаев** Ноокат райондук билим берүү бөлүмүнүн усулдук кабинетинин башчысы.
Техредактору	**Матжакыпова Г.**
Корректору	**Раймалиев М.**

Автор китепченин чыгышы үчүн демөөрчү болгон Ош мамлекеттик администрациясынын калкты иш менен камсыз кылуу башкармасынын координация бөлүмүнүн башчысы **Ташбаев Акылбек Мазановичке** чоң ыраазычылыгын билдирет.

Терүүгө 5. XII. 1997-ж. берилди.
Басууга 18.XII. 97 ж. кол коюлду.
Форматы 60x84 1/16, 3,2 басма табак, Буюртма № 6756.
Нускасы 3000. Келишим баада.

Ош шаары облустук басмаканасы.
Курманжан датка көчөсү 209.